~~327~~

4

Молдо Кылычтын
ырлары

Инв. 4

1

Мазмуну

М. Кѣлѣч.

		Бенеи
1.	Молдо Кѣлѣчтын кѣскача тарѣхы.	1-3.
2.	Зарзамин.	4-73.
3.	Чуй озону.	74-98. + 143-166
	Зиязала — 1-18	

Ф-329
Ин-т языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 4
13/IV-1981 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Молдо Кылычтын кыскача тарыхы.

Түндүк кыргызында Тагай насилинен Дөөлөстүн кенже уулу кадымда манап тукумунан Темирдин балдары, Абайылданын баласынын баласы, атактуу Төрөкелдинин бир аталаш тууганы Шамыркандын 1875-жылында /донуз жылы/ Кочкордо туулуп атын Кылыч койгон. Кичине чагында кыргызча окуп, 1892-1893-жылдар чамасында ыр-өлөң жазышка абдан ынты-зынтын коюп, ашта-тойдо ырдаштан токтолуп намызданган, абалы ырды жазып, анан соң элге окуп берген. Комузга салып айтууну Абайылда адет кылып, кийин комуз, домбура менен айтуудан акындыкка токтолду келтирет экен деп, домбурасыз айтууга адеттенген. Манап насилинен болсо да, эл бийлеп, калк ишине катышууга көңүл бербеген. Өтө жарды болуп, азын-оолак дыйканчылык менен оокаттанган. Эртели, кеч суу бойлап басып, таза жерге олтуруп, ар түрдүү өсүмдүк байкап көрүп, айланасындагы табийгаттан тажрыйба алып, курт-кумурска, канаттуулардын алдуу, алсыздарын текшерип, анан өлөң кылып жазган. 1917-жылында, 42 жашында каза болгон, кабыры туулган жери Кочкордо.

Бети кызылдуу, сепкили жок, жүзү абыдан толук, тегерек чоң кара көздүү, орто бойлуу семизче, чоңурак кара мурут, ээгинде кичине чокчо кара сакалы болуп, жаактарына сакал чыкпаган. Кийимди өтө таза кийинип, денин таза тутуп, диндар болгон. Өмүрүндө көп кысалар жазып, алардын бир канчасы элге жайылган. Ар жазган кысасын арттырбастан, кемитпестен, жана да бай, манап улукка кошомат кылбастан, алардан жана да айтууга дүнүйө талап

1) Молдо Кылычтын ыкармаларын жыйнаган, азын жазып алган Белек солтоноевдин жазгандары. Инв. № 1317.

кылбастан тууралык менен жазган.

Мен 1913-жылы апрель айында Ат-башы, Нарындан келе жатып Карагоодо Кылычка жолугуп, 4-5 күн бирге жүрүп калдым. Мурун 1911-жылында Конур-жайлоодо көрүп таныштым эле, бул сапарда алып жүргөн кысаларынан төмөндөгүлөрдү көчүрүп алдым, шашканымдан, Кеминде үйгө барганда көчүрүп алдым.

Кылычтын айткандай эң биринчи тырмак алды жазганым:

1.	Арман кыз.-кыз, жигит-деди.	190 жол
2.	Зар заман " " "	1950 "
3.	Канаттуу " " "	480 "
4.	Бүркүттүн тою /манаптын элди кыйнап, чыгым алып той бергени/	260 "
5.	Чүй өзөнү /Чүйгө жолоочулап келип жазганы/	650
6.	Жинди суу /1911-жылында Кеминге жолоочулап келип жазган/	300 "
7.	Алдамчы /Токмокко келип жазган/	240 "
8.	Зилзала 1911-жылы	480 "
9.	Санат	Табылбады
10.	Кочкор ата	Табылбады

11. Керме-тоо-Ала-тоо /1912 -жылында Жумгалда кудасына барып келип жазган - - - - 700 жол.

12. 1916-жыл 350 "

13. Манап, букара деп бир кыса жазган- табылбады.

14. Кийин 1916 - жылдагы кыргыз көтөрүлүшүн жазып, аягына чыга электе каза тапкан.

Мен Белекке Кылычтын айтканы:

Мен китептерден окудум, казак, кыргыздын акындарынын айтканын дагы көп уктум, бирок булардын барысынан артыгын казактан экен Сүйүмбай, кыргыздан Арстанбек деди.

Белектин байкоо:

Кыргыздын башка акындардан артыкчылыгынын бири эч убакта ырды чорно байлап жазбаган, ойлобостон аичалык такалбастан, бир жазып кеткенин кайта текшерип ондобостон, майданга салган. Ырдын уйкаштыгына өтө назар салбастан, сөздүн терөңин алып жазган. Маселен, Зилзаланы 1910-жылында биздин эл /Кеминге/ келип жазганда көчүрүп алдым эле, кийин басмадан чыкканда, эч бир өзгөртүлбөгөн.

ЗАРЗАМАН

Молдо Кылыч мен атым,
Болжолу жок санатым.
Айта берсем сабаган,
Ак шуйкардай канатым.
Окуп көргөн молдолор,
Өчүрө көр калэтын.
Жакшы окуп карасаң,
Окундагы сөзүңдүн
Барын мындан табасың,
Мен айтайын сонунду,
Чыгар сөзүм орундуу.
Жигит болсоң абайла,
Убал кылба жаныңа.
Тазалагын жолунду,
Тарта жүргүн колунду!
Жаман адам курусун,
Доо чыгарып бир жерден,
Милдет кылат жумушун.
Жакшыларды карасаң,
Кылганынын доосу жок,
Сыр билгизбейт тымызын.
Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак, Кыргыз барчаны.
Калайыкка эринбей,
Кетти канча далай сөз,
Кара көзгө көрүнбөй.

Акындардын абазы,
Домбуранын үнүндөй,
Жарашыктуу зар заман,
Тоту куштун жүнүндөй.
Бар келишкен боруму,
Кызыл кымкап гүлүндөй.
Кандай салса жарашар,
Калы килем түрүндөй.
Түшүп турат күбүлүп,
Ак теректин бүрүндөй.
Көчүп турат токтобой,
Кирекечтин жүгүндөй.
Кызыкканда жакшы сөз,
Кызыгышкан оюндай.
Айдап келем көп сөздү,
Кербенчинин коюндай.
Тилим шыдыр түздүгүм
Зым карагай жолундай.
Бары-жогу тийимдүү
Барданкенин огундай.
Маани билбеген эсерге,
Башка тийген союлдай.
Тегеретер көңүлдү,
Тегирмендин суусундай,
Акылы бар адамга
Тынч олтурган орундай.

Тили жүйрүк акындар,
Сөзү сайдын ташындай.
Кенендигин карасаң,
Кең Кочкордун сазындай,
Зар заманды карасаң,
Даамың татты казындай.
Эч болбосо ширеси,
Чекендигин ашындай.
Кулагына жугумдуу,
Көк темирдин датындай.
Асан кайгы жигиттер,
Эри өлгөн катындай.
Зардеси бар боз балдар,
Саяпкердин атындай.
Зардеси жок боз балдар,
Үйдөн чыкпас катындай.
Бейли тардын күнү жок,
Бай да болсо жакырдай.
Касиеттүү молдолор,
Кайгысы көп бакырдай.
Бузулганды түзөгөн,
Жоо качырып баатырдай.
Кыйшык сөздүү жигиттер,
Кыянаттуу капырдай.
Кылыгы жакшы боз балдар,
Булу кымбат асылдай.
Текети жок малыңыз,

Эшек менен качырдай.
Ишенимтүү жигиттер,
Ат байлаган акырдай,
Жыты жакшы атырдай.
Дөөлөтү бар жигиттер,
Дөбөдөгү чатырдай.
Кайырдуу болсо элине,
Гүлдөп турган чарбактай.
Кайыры жок бай болсо,
Кабырдагы арбактай.
Малым бар деп кубанса,
Беш намазды билбесе,
Кайыр, зекет бербесе,
Дин билбеген калмактай.
Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак, кыргыз барчаны,
Дин мусулман, жогой, сарт,
Мусулмандан таркады.
Бу замандын адамын
Бейли, дилин айтайын,
Бейли жаман адамдар,
Өз напсине тартады,
Абайласаң жигиттер,
Ата, энең мекедей,
Абыдан куштап бага көр,
Колундагы кеседей.
Сыйлашпасаң бир тууган,

5.

Он да болсо жекедей.
Көп сүйлөгөн мәңгилер,
Көзгө кирген тикендей,
Жаман болсо катының
Ичтен жеген митедей.
Кутулууга көңүлү бар,
Караңгы түн кечедей.
Тил албаган баланыз,
Бел ашпаган арыктай,
Кетем десең айла жок,
Каралайсың жүрөсүң,
Оору баккан табыптай.
Угуп турсаң бул сөзүм,
Жалганы жок аныктай.
Ызааты бар боз балдар,
Күйүп турган чырактай.
Ызааты жок доз балдар,
Катып калган чарыктай.
Кең бейилдүү жигиттер,
Сары өзөн жайыктай,
Дүнүйөкор адамдар,
Мал табышка талыкпай.
Жаман айткан суук сөз,
Көңүлүңө салыктай.
Жакшы айткан жылуу сөз,
Эптелишкен калыптай.
Жаман сөз калар так болуп,

Көкүрөккө айыкпай.
Жакшы сөз калат бат болуп,
Качан болсо унутпай.
Мен сүйлөйүн сиздерге,
Айдап үрөн чачкандай.
Канча айтсам чыдаган,
Кызыл тилим кызгандай.
Кара жаак талыкпай,
Кен-казына тапкандай.
Кызыл темир үстүнө,
Ура берсе чокулбайт.
Дөшү менен баскандай.
Токтоосу жок жигиттер,
Жардан коён качкандай.
Тил албаса аныгы,
Итим жүргөн шашкандай.
Чочутушар жаныңды,
Айлыңды жоо чапкандай.
Дүнүйөкор байларың,
Жеке дөөлөт тапкандай.
Кара сурасаң зарылдан
Азыр алып качкандай.
Көксүү адам бар болсо,
Кабылан, жолборс, арстандай.
Акылы жок март болсо,
Карангыда баскандай.
Кайры тийбей калган соң,

7.

Кур талаага чачкандай.
Жумшак айткан жылуу сөз,
Кулагыңа мукайым,
Чигити жок пактадай.
Кабыл болсо ыйманың,
Катып жүргөн акчадай.
Карангы гөр ичинде
Айдап алган бакчадай.
Айта берсең сөзүм көп,
Үзүлбөгөн тасмадай.
Жакшы адамдын сөздөрү
Кагаздагы басмадай.
Сөз маанисин билбеген,
Жолу туюк аскадай,
Элге дайын жигиттер,
Кан алдында тактадай.
Кайдан барса таанымал,
Ат башында кашкадай.
~~Айткан~~ Айтқан сөзүм байкасаң,
Билимдүүнүн сөзүндей.
Ийим майда ширеси-
Кашкарлыктын бөзүндей,
Алың келсе Мекке бар,
Сегиз бейиш төрүндей.
Ажы болуп атансаң,
Алтындаган чениндей.

Арaласың бейиштi,
Бу жалгандын элиндей,
Жалпы журтка урматың,
Жаңы келген келиндей.
Күнөө кылбай түз жүрсөң,
Таза жууган кириңдей.
Аштыгыңдан үшүр бер,
Алал болуп каларга,
Кастык кылып жаныңды,
Каалабагын аалалга.
Алал дөөлөт малыңды,
Булгабагын арамга,
Тил байланар бир күнү
Тиричиликке кубанба.
Көңүлүңдү алдатып,
Бул дүнүйөгө жубанба!
Малың болсо жигиттер,
Кайыр, зекет бергенин,
Ыймандын канаты.
Ар жоруктан сөз кылган,
Молдо Кылыч санаты.
Алөл жүргөн бенденин,
Жайы болор жаннаты,
Жүгүргөндө ачылар
Чапкан күлүк туурасы,
Түндө короо күзөткөн,
Казак, кыргыз элети.

Саксакайлап кыйкырган,
Кыз, келиндин адаты,
Кыйла сөздү чыгарам,
Кыргыз, казак-Алачтан,
Көрөңгөлүү сабасы,
Идиштери чаначтан,
Аяк, табак, кашыгы,
Кырып алган жыгачтан,
Аскан казан тулгасы.
Ичип адат кылганы,
Арпа, буудай жармасы.
Илгертеден сөзүмдүн,
Алып турган кыйласы.
Байыркынын боруму,
Айтып турса ушундай,
Бүтүмүнүн ооруну,
Чыбык кыркып шерт кылган,
Кан, бийинин сонуну.
Жан бергенди билбеген,
Жакшысынын тунугу,
Байыркынын макалы,
Өтүктөрү такалуу,
Бөйрөмчөсү бир тутам,
Кийимдери жакалуу.
Байыркынын өркүнү,
Көчүп турган күн-түнү,
Алтын, күмүш абайы,

Кыз, келиндин уртугу.
Кыз, келиндин кийгени,
Кызыл жибек кырмызы,
Эмдигини карачы,
Орус алып турагын,
Түштү жерге жылдызы.
Байыркынын кийгени
Көчүгүндө чалбары,
Балактатып кең кылган,
Багалеуи саймалуу.
Байыркынын берени,
Кайдан көрдүң эрендер,
Калдайтын жайган серени.
Эмдигини карачы-
Ырыскысын ченеди.
Унутту нокто, желени.
Бээ баалап, кымызды,
Кана кимиң бергени?
Байыркыдай улуту,
Кана элиң жегени?
Конот берет кокуйлап,
Эң биринчи дегени.
Жайы, кышы, жүгүрөт,
Соодагердин тыйыны.
Былтыркыдан бу жылы,
Замананын кыйыны.
Боздотуп жатат карыбын,

II.

Болуш, бийдин чыгымы.
Жайы, кышы бир алат,
Оокатынын жарымын.
Ар бир түрлүү адамдын,
Артында бар ~~десе~~ gen залалы.
Өз ишинди өзүң бил,
Ойлоп көргүн чаманы.
Башка салар балааны.
Көздү жумуп ойлосоң,
Куюктуруп санатар,
Куру ~~билер~~ бекер далааны,
Акты менен караны.
Жан күйөргө карабай,
Жакшы жеди ~~б~~ п̄араны.
Жалган ишти чын кылат,
Законуна тууралап,
Кылар болсо жалааны.
Башта күбө болбосо,
Кылган ишин танганы.
Акылы бар боз балдар,
Алал ишке көз салар,
Акылсызга убал жок,
Сөз сураса үндөбөй,
Текеберлүү адамды,
Үйгө кирсе ~~тилдебе,~~ "кел" дебе!
Ууру кылба ~~тагеле,~~ дегеле,

12.

Башың кирер ноктого,
Ыкыбалың түзөгүн,
Ага-ини жакынга.
Бу кылыкты кылбасаң,
Бейлиңди кең салбасаң,
Өз башыңа келгенде,
Убадаңа турбасаң.
Антты-шертти ойлобой,
Ата-эненди булгасаң,
Кайдан жакшы болосуң,
Кайбат сөздү тыңдасаң:
Салабаттуу зар заман,
Зарлап өттү куу заман,
Канча зарлап айтсам да,
Оңолбоду бул заман.
Сүйлегенүм зар заман,
Сайраганым ар заман,
Барган сайын таңшыган,
Тыңдасаңыз айтамын,
Тилим жүйрүк булбулдай.
Сарпы бузук молдолор,
Айталбаган чулдурдай.
Кайраты бар жигиттер,
Кара болот чынжырдай.
Болот калем колумда,
Ок жыландын тилиндей,

13.

Ак кагазым карала,
Ителгинин жүнүндей.
Колумдагы калемим,
Ак баранын түзүндей.
Зар заманды байкасаң,
Жайдын салкын күнүндей.
Кайраты бар жигиттер,
Кабылан, жолборс сүрүндей.
Кайраты жок жигиттер,
Чайын койсо төгүлөт,
Мең дубана бүрүндей .
Айныбаган жигиттер
Ак албарстын мизиндей.
Кылган иши тап-таза,
Машинанин ишиндей.
Кайда барсаң сүйүмдүү,
Касиеттүү кишидей.
Сүйлө десең сүйлөйүн,
Кар жаагандай төгөйүн,
Улам алдын жаңылап,
Оюн салып берейин,
Ар жоруктун башынан,
Баян кылып көрөйүн.
Армайындан сөз айтып,
Айдарымга киреймин.
Болжол кылып байкасам,

Боюмда көп күнөйм,
Буйрусуз сөз көп айттым,
Кечире көр кудайым.
Азирети Кызыр пайгамбар,
Напси, ырыскы, ээси.
Жакшы жанга куш болор,
Алал жүрсе мүнөзүн.
Бир аллада айып жок,
Адамдын көп күнөөсү.
Мазары бар башында,
Кочкор ата дөбөсү,
Алты келме, беш намаз,
Жүйманындын күбөсү.
Кайраты бар сопулар,
Кара темир чоюндай,
Кайраты жок кам сопу,
Ит мүлжүгөн мокондай.
Ала жүргөн сопунун,
Ырыскысын канчалык,
Кудай өзү жеткизер,
Кызыл алтын кениндей.
Кылган иши тап-таза,
Ишүр берген эгиндей.
Арбагы чоң жакшылар,
Миң кишинин деминдей,
Эл, журтуна аркасы,
Аска тоонун белиндей.

15.

Ага-~~инин~~ пайдасы,
Тийбей калбайт тегиндей.
Айткан сөзү кишиге,
Табыптардын эминдей.
Дөөлөтү бар жакшылар,
Кырчыны көп өзөндөй,
Дөөлөтү бар билимсиз,
Эл ашпаган кезендей.
Акылы бар карылар,
Айткан сөзү меселдей.
Касиеттүү кишилер,
Кереметтүү эшендей.
Убадалуу эр жигит,
Кол көтөргүс кишендей.
Убадасы жок жигит,
Басылбаган бечелдей.
Акылы бар карылар,
Айткан сөзү нускадай,
Колунда жок эр жигит,
Жетишпеген кыскадай.
Акылы бар малы жок,
Асбабы бар устадай,
Сыйлашпаган бир тууган,
Атасы жат башкадай.
Жинди кыял бей намаз,
Жер каңтарган чочкодой.
Кара көңүл таш кулак,

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 4
19/IV 1981 г.
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

16.

Карыганпаган азоодой.
Ага-иниң көп болсо,
Асабалуу жасоодой.
Өзү акыл билбеген,
Айткан сөзгө кирбеген,
Тил билбеген макоодой.
Таалым алган устатың,
Кол тапшырган пириңдей.
Касиеттүү молдолор,
Истамбулдун дининдей.
Айткан сөзү шарият,
Араб, парсы тилиндей.
Тил билгилүү боз балдар,
Оозу элпек кантодой,
Серамжалдуу жигиттер
Жегип койгон почтоодой.
Кайраты чоң жигиттер,
Калалуу коргон чарбактай,
Ага-иниси көп болсо,
Токуп койгон буректай.
Карап турсаң боруму,
Казак орус салаттай.
Ынтымагы бар болсо,
Базары жүргөн чарбактай.
Тил алышып турушса,
Бузулбаган каймактай.

Ынтымагы жок болсо,
Жетишпеген арактай.
Кыйып кетер бир-бирин,
Кыргыз, кытай, калмактай.
Айлын бузган жигиттер,
Уй качырган сайгактай.
Токтоосу жок жигиттер,
Окун салган тайлактай.
Сөз бербеген жөө чечен,
Учуп жүрөн камгактай.
Пайдасы жок чечендик
Чөп чыкпаган кургактай.
Ыймансыздын көзүнө,
Жалган дүйнө жаннаттай.
Бир үйрөнгөн адатың,
Жамгыр баскан көк даттай.
Жуугун менен агарбас,
Боёп койгон жаргактай.
Айткан сөзүм тараза,
Алды-кийнин салмактай.
Ыймандыңды жоготор,
Артыңызды ойлотпой.
Абайласаң жигиттер,
Акын эмес бакырмын,
Элге эрмек болсун деп,
Болбос ишке асылдым.
Көпкө жаман көрүнүп,

Көп күнөөнү чакырдым.
Бенденчилик курусун,
Билинбеген күнөйүм,
Жалбарганым бир кудай,
Жараткуучу бир өзү.
Айтып турган сөзүмдүн,
Кагаз болсо кубусу,
Он сегиз миң аалымды,
Сактап турган ээси.
Бала менен мал күтмөк,
Бул дүйнөнүн бактысы.
Бу жалганга карабас,
Жигиттердин жакшысы.
Байкасаңыз беш намаз,
Ыймандын ачкычы.
Өлө туган болгон сон,
Ыймандан жок жакшысы.
Сөз байкаган жигиттер,
Сөзгө жетер кубаты.
Асман менен кайкыган,
Учкан куштун канаты.
Мен жүрөмүн жубанып,
Акындыкка кубанып,
Акын өлбөй тургансып,
Өлбөс болсо Арстанбек,
Жүрбөс беле түбөлүк?

Акындыгым шончодур,
Ойлобогон мен карып.
Курт-кумурска канаттуу,
Мен айтайын санатты.
Кутулбайсыз сөзумдөн,
Куюлушуп санатым.
Чыга берет ичимден,
Кудуреттин бергенин
Сурабадым кишиден,
~~Айып-ачык сүйлөдүм.~~
Көп адамдын ичинен,
Айланайын кудайым,
Кечер бекен күнөйүм,
Мен сыяктуу итинин.
Тегеренип айланар,
Абадагы жетиген,
Күндүз кетип түн болор,
Күндүн жарык бетинен.
Жажуж-мажуж жай алды,
Бу дүйнөнүн четинен.
Бу дүйнөнүн белгиси,
Ай менен күн, жылдызы,
Жети асман, кара жер,
Жаркыраган күндүзү.
Адам ата, Аба эне,
Шондан бери белгиси.
Өлүп келет ыйлачы,

Нече түмөн миң жан киши.
Пайгамбарлар бары өлдү,
Падышалар, кан өлдү.
Нечен азиз бенделер,
Бу жалгандан жеңилди.
Тоңбо кылсаң өткөрөр,
Тоодой кылган күнөңдү.
Байкасаңыз айтамын,
Акыр заман бу элди.
Илгеркинин адамы,
Көп жашады өмүрдү,
Кудай билет эмдиги
Узун өмүр көрөрдү.
Акыл дайра билгенде,
Бу жалган жок өлгөнгө.
Чыгымдансаң себеп жок,
Чындап ажал келгенде.
Каршылыгың жарабас,
Кадыр, дөөлөт бергенге.
Молдо болсоң муну бил,
Кулагыңа киргенге.
Колдон келсе рабат,
Коргон салган бир жерге.
Мына газал, буга газал,
Бу сөзүмө кулак сал!
Андасаңыз чыгады,
Айта берсем ар макал.

Жакшы чыкпас абазым,
Домбурадай заңкылдап,
Катуу чыкпас анчалык,
Кашкарлыктай каңкылдап.
Акын болсо жигиттер,
Сөз чыгарар эрмекке,
Аваз кылса бир жерге,
Эл чогулар көрмөкке.
Көп кармаса чогулуп,
Айтсам керек өрнекке.
Көптүн кылган дубасы,
Кабыл болор деген бар.
Кудай ыйман бергин деп,
Тилей көргүн жигиттер.
Ар мааниден сөз айтып,
Аяк-башын кертейин.
Колумдагы домбурам,
~~Кош үбакта минтейин.~~ Тош убакта чертейин,
Ыйманыма жардам бер,
Ыйман Асан, Үсөйүн.
Таңга жакын болгондо,
Булбул сайрар абага,
Туш-тушунан барысы,
Теспе тартар кудаага.
Учуп жүргөн канаттуу,
Урук таштар уяга.

Чай куярга ылайык,
Чыны, кесе, пыяла.
Китеп билген молдого
Жакшы жүрмөк раба.
Ар кишиде бирө акыл,
Өз билгенин береби?
Келиштирип сүйлөсөм,
Келер сөзүм орундуу.
Мекедилде, Медине,
Пайгамбардан мурунку,
Адам Ата, Аба эне,
Ар жандардан абалкы.
Жеберейил периште,
Пайгамбарга кабарчы.
Бу дүнүйө жалганчы,
Акылсыздын кубанчы.
Жараткан жалгыз кудайым,
Жаным курбан кылайын.
Азап кыла көрбөгүн,
Айларайын ылайым.
Буйрук жетип күн бүтсө,
Учуп кетер чымындай,
Денең калар суналып,
Буту, колуң жыйылбай,
Тириликте көрүнүз,
Ак сарайдын сырындай.
Өлгөндөн соң көркүнүз,

Кереги жок тыйындай.
"Зар заманды" байкасаң,
Башка сөздүн жанында,
Жети комдук буюмдай.
Карыганда ким болсо,
Көркөмү жок бакадай.
Кара көңүл дем кыял,
Тим жүргөнү кападай.
Байбичинин жакшысы,
Ийи майда матадай,
Бейли жакшы кең болсо,
Майы калың учадай.
Кудай берген кишилер,
Үйрү өскөн букадай.
Уулу, кызы көп болсо,
Улук салган супадай.
"Зар заманым" сайраган,
Сөзүн адам кармаган,
Дин мусулман бендеси,
Тобосунан жанбаган.
Жаман айткан суук сөз,
Сөөккө баскан тамгадай.
Эси кеткен капалык,
Эски оору талмадай.
Акылга мол азамат,
Дарс окуган молдодой.

Таалам алсаң сөзүнөн,
Тамырың берген олжодой.
Кайыры көп байларың,
Карагайлуу жылгадай.
Ырыскысы төгүлүп,
Бышып турган алмадай.
Кызыкканда кызык сөз,
Кызыл алтын мыскалдай.
Кыз, келиндин жаманы,
Үй бүлдүргөн чычкандай.
Жакшы катын белгиси,
Кылган ишин кызганбай,
Сыр билгизбей турганы,
Мүнөзүнөн козголбой.
Келиндердин жакшысы,
Кездеменин жибиндей.
Боруму түз мулайым,
Булгарынын ийиндей.
Өзү жаман бош болсо,
Онуп кетер чырайы,
Эч өнөрү билинбей.
Кызыл жардын тигиндей,
Кыз балдардын жакшысы,
Күзгүсү бар айнектей.
Жакшы кийим жарашар,
Жашыл моюн өрдөктөй,
Карап турсаң боруму,

25.

Таза жууган кейнектей.

Жетпей турат далай жан,
Күкүк менен сейнептей.
Бөркү жакшы кыз бала,
Көл боюнда кырчындай,
Булу кымбат канчалык,
Ак албарстын курчундай.
Бер келишкен боруму,
Булгарынын мурчундай.
Жаман кыздын белгиси,
Ушак айтат жомоктой,
Үй бүлөсүн жүдөтөт,
Жазгы конгон коноктой.
Кемпирлердин жакшысы,
Кимге болсо энедей,
Кемпирлердин жаманы,
Башка келген балаадай.
Акылы кен жакшылар,
Урук коргон, калаадай.
Акылсыз акмак тантыктар,
Үйрөнбөгөн танадай.
Ажы барган адамдар,
Пайгармбардын туусундай,
Башындагы селдеси,
Ысык-келдүн куусундай.
Мектептеги балалар,

Танадай – торпоктой деген маанидe.

Желедеги кулундай.
Байлы жакшы молдолор,
Бетегелүү булундай.
Кызыктыгы баланын,
Кыз болсо да улдай,
Каармандуу жакшылар,
Бороону көп кышкыдай.
Жамандардын баарысы,
Эси чыгып чычкыдай.
Жандын баарын коркутуп,
Кудайлатып кыскыдай.
Жакшы болсо боз бала,
Чагылгандын огундай,
Топ ичинде сакалдуу,
Тоого чыккан арпадай.
Куну кеткен байларын,
Энчеси жок маркадай.
Кезү жетсе баарыга,
Кеенүң жарык күзгүдей.
Ыйман берсе кудайым,
Эсиңизге түшүндей,
Кош кыялдуу кишилер,
Кой ичинде эчкидей.
Айткан сөзгө турбаган,
Чыдамы жок эскидей.
Чачкылуу болсо боз бала,
Чычкан алган мышыктай,

Чыдамы болсо ар ишин,
Көпкө жагат кыйыктай.
Жакшы болсо боз бала,
Жайлоодогу жазыктай,
Жеңимдүү жигиттер,
Ат байлаган казыктай.
Акылсыз акмак, сараң бай,
Жакшыларга азыктай,
Ал кыялы койбосо,
Диңден чыгып кеткендей.
Катындардын жаманы,
Карды тойсо көпкүдөй,
Өзү билсе кокустан,
Эрин көткө тепкидей.
Эптүүсүнгөн адамдар,
Өзү байып кеткидей.
Ичпей, жебей байлыкка,
Ою менен жеткидей.
Кудай өзү бербесе,
Ким кысынып күткүдөй.
Кудай өзү бергенди,
Чач садагы өткүдөй.
Келип калса дүйнөнү,
Мал көрбөгөн жигиттер,
Көрүшүп жатып өпкүдөй.
Тобоң кабыл болотко,
Тобокел десең тенирге,

28.

Кысынгандын эби бар,
Журтка жаман көрүнбө,
Алал багып күтүп же.
Беш намазга эринбе,
Убал кылып акыры,
Уул менен келинге,
Багып жүрүп пайдасын,
Эч көрбөдүк дедирбе!
Куда күтүп, дос карма,
Кур талаага семирбе!
Болбос ишке асылып,
Бекер куру теминбе!
"Зар заманым" ушундай,
Залал айтсам тил алба.
Урганында бөлөндүн,
Асты эсин чыгарба!
Өлмөйүнчө тиштенип,
Кайратыңдан айрылба.
Өлбөс бурун агайын,
Күтүнүңөр буларга.
Байкасаңыз дүйнөнү,
Баяны жок түбүндө.
Канча жакын көрсөң да,
Аяны жок бир күндө.
Башындагы мөэңиз, ~~мэндин~~
Тамырлары ~~жуулунда,~~ жулунда.
Бир аллага муңу бар,

Булбул торгой үнүндө.
Сегиз бейиш белгиси,
Тоту куштун жүнүндө.
Жети дозок белгиси,
Кара жылан а туруңдө.
Болду шайтан оюну
Бозокордун үйүндө.
Кесир айткан бенденин,
Текебери тилинде.
Намаз жүрбөйт окуса,
Арам болгон кийимде китепке.
Жети кат жер баарысы,
Бир бериште колунда.
Он сегиз миң аалам
Көк өгүздүн жонунда.
Көк кочкордун белгиси,
Шор дарыя суунда.
Ысмайылдын курбаны,
"Мына" деген орунда.
Ар балакет күчөдү,
Акыр заман доорунда.
Мусулмандын сурагы,
Жана капыр колунда.
Дагы болсо жигиттер,
Жакшылыктан тилейли.
Тобо кылсам кудайым,
Кечер бекен күнөөнү.

30.

Кудай билет өлүмдү,
Кара жерге кар жааса,
Жердин жүзү агарган,
Кандай кылып барарды.
Байда кылар аштыкка,
Күзгү жылуу шамалы,
Кандай болсо кылганы
Орус капыр амалды.
Ар жарагы шаймандуу,
Өлөң айтып жарылдап,
Орустардын кейрөңү.
Кызыл бешмант кынама,
Дин билбеген айбаны.
Сураса кыргыз орусту,
Тердирет эле коңузду,
Кудайдан коркуп койбосо,
Колунан алар доңузду.
Өкүмдүк кылбайт бириңе,
Колумдан келип турат деп-
Зордук кылбайт дининe.
Эмне десе кыргызды
Ишенип калат тилине.
Шоодурган солдаты,
Бопоростун канжасы,
Карап турсаң капырдын,
Кыйын экен калбасы.
Дини бузук чочконун,

31.

Мал жоголсо телетүп,
Элден алат акчаны.
Шарыятта кошподу,
Бир кудайды тааныбай,
Оюн менен олтурат,
Кулун тайы дүнендей,
Атын керчү дубалдай,
Адам айрып тааныгыс,
Кызын керчү жубандай.
Кынамалуу бейрегү
Чубалжыган кейнегү.
Чурулдап елең айтканда,
Баарысынын кейрецү:
Бели тутам айбаалы,
Жети күнде майрамы,
Тил билбеген кайдагы.
Акыретке баргаида,
Анда кербейт пайданы.
Бу капырдын мүнезү;
Канчалык башын ийгеген,
Жандыраалы кинези,
Арабасы чанасы,
Жаштан мурдун кезетет,
Жалпы сыйыр баласы.
Мал багышы капырдын,
Конгуроосу чакырды,

1) Донон – бышты ат (Ш. Ч.)
2) Жандыраалы – генералы, кинези – князы (Ш. Ч.)

Көрдүн жузун капырды.
Тил билбеген капырдын,
Карылар месели,
Кепке жуйрук чечени.
Меселдетип кеп айтат,
Илгеркиден нечени.
Жылкы тийип уй чапкан,
Байыркынын кезеги.
Калган айтып алмакка,
Эмдигинин кесиби.
Айтып турса билбеген,
Аят адис китепти.
Илгеркиден нускалы,
Эч бир адам тутпады.
Ойлосонуз акыры,
Окон, кулку токтоду.
Жолду билген жобозго,
Жоо качырган шабозго.
Найзалары уч кулач,
Темир сайган жыгачка.
Илгеркилер бир борум,
Эрки менен болгону,
Жер көрушту билбеген,
Дөөлөтүнүн кең-молу.
Илгеркилер өрнөгүн,
Эшитемин абайлап,
Ушулардын болжолу,

33.

Абалкыдан акырга,
Алыскыдан жакынга.
Айта берем сөз кылып,
Мусулмандан капырга.
Сөзүм аты "зар заман",
Ак кагазга жазылган.
Аманат жан өтөрдө,
Ажал өлүм жат кылган.
Болжол кылып карачу,
Бу заманың такылган.
Бу капырдын арбагы.
Журтка тиер зардабы.
Ыйласа да жетпеди,
Мусулмандын арбагы.
Арбып бара жылына,
Кала салган чарбагы.
Кыргын кылып капырды,
Кана кудай алганы?
Калыпа султан Урумдан,
Кана тийген жардамы?[1]
Тенгеден алды салыкты,
Каратты далай калыкты.
Коркунуч кылды колуна
Дин мусулман шарипти.
Белгилеп алды жериңди,
Жериңе салды эгинди,
Тоотбоду кебиңди,

1) Бу жерде дин булганды дей коотонуп жатат. (Ш.Ч.)

34.

Абыдан кести деминди.
Аралаш кылды оруска,
Атандан калган чегинди.
Эмдиги заман бу болду,
Мусулманы кор болду,
~~Айтайын сезвин баанын~~
~~Айталык акыр бетине,~~
Ача кер кудай он жолду.
Оруска берди ~~илимди,~~ ~~алимды~~ [1]
Кыргыздан кердук залимди,
Аманат багып курулун,
Жигиттер, алалдан тапкан малынды.
Бу замандын жигиттер,
Бейлин болжоп карасак,
Береке журттан тарылды.
Колунан келген жакшылар,
Журтуна кылды жабырды.
Кыла берет баарына-
Агайын, тууган бооруна,
Кыныккан улук парага,
Жыгып салар дарага.
Ыстарчын, бий, болушу,
Орустан кыйын жумушу.
Куруп калсын алардын,
Арандан тапкан ырысы.
Ар сонундар чыгат го,
Акындардын артынан,
Бечаралар зар ыйлайт;

Залым деген мына ушу
Билбеди жогу, барынды.
Колунан келген адамдар
Кылганы кана сабырды?

Эки болю калкына
Элинин кетпейт урушу.

1) Алым - налог.

Залимдердин зарпынан.
Орозо, намаз бузулду,
Молдолордун калпынан.
Береке элден жоголду,
Убадасыз антынан,
Акылы бар адамдар
Шарыятты ойлоду,
Адыраңдаган жамандар,
Өз билгенин койбоду.
Арам дөөлөт байларын,
Малга көзү тойбоду.
Дини сарең нааданын.
Бир эмесин кыйбады.
Өлгөнүнүн этин жеп,
Колу менен сойбоду.
Бу замандын жактысы,
Тили жуйрук таттысы.
Үйгө жатпайт тынч алып,
Болбады го жаткысы.
Кудай өзү ондосун,
Бу замандын артыкысын.
Уга турган сөздөрдү,
Угузарым керекти.
Тундук кылса ылайык,
Кайың менен теректи.
Айткан сөздү байкаса,

Акылы бар життке,
Ар жерлерде керектир
Баатыр болуп атанып,
Жоого кирген журектуу.
Жапырак түшер шоодурап,
Какса чынар теректи.
Курт ичинен чыгарып,
Кымкап кылды жибектен,
Аары бакса бал болот,
Көп курраса челекти.
Молдолугум кошумча,
Колот калем кармайын,
Өлүү менен тирүүнү,
Эп келтирип жамаймын.
Эриккенде сөз кылып,
Элди, журтту санаймын.
Абалында жалынып,
Жалбарамын кудага.
Тирүү жүрсөм "зар заман",
Сөзү кетер далайга.
Насыятым сүйлөдүм,
Акыл менен абайла,
Убаданды кетирбей,
Үйүңдөгү малайга!
Айткан сөзүм түз бекен,
Бу сөзүмдү байкасаң,
Бир-бирине кошулбас,

Бейли жаман капырлар,
Беш жамазды окубас.
Башка келген өлүмдөн
Жан-жаныбар кутулбас.
Бейли жакшы жигиттер,
Бересеге басынбас.
Бейли кенге жолуксаң
Берекенди качырбас.
Дүнүйөкор байларын,
Тамагынан таттырбас!
Жардам кылып жанына
Жалгыз түтүн кондурбас!
Ал өндөнгөн байларын,
Жаннамдан кутулбас!
Дини катуу бенделер,
Мусулманга кошулбас.
Акын адам сүйлейт эс,
Алды, артын карабай.
Кете берет далай сөз,
Сайгак тийген таңдай.
Кандай салса зыркырайт,
Карга салган чаңдай.
Кызыктыгын карасаң,
Базары, дүкөн калаңдай.
Айтканымдын баяны,
Жерге тийбес аягы.
Молдолор алат колуна,

Болот калем сыяны.
Жакын көрбө жаманды,
Бир күн тиер зыяны.
Таркабайтко тирликте,
Бу жалгандын кумары.
Дал отузга келгенче,
Боз баланын убагы.
Алтымыш менен жетимиш,
Абышканын курагы.
Алда кандай болот дейм,
Карангы гөр ичинде,
Мүнкир, наңкир сурагы.
Айта берсе жигиттер,
Сөз табылар акынга.
Айткан түбүнө,
Ким жетеди акылга.
Жоо беттешип туралбас,
Сырын билген баатырга.
Жалынсаң да пайда жок,
Иниң түшсө капырга.
Жалгыз малы атындай,
Байыбай жүргөн жакырга.
Эси бар деп ишенбе,
Өрин коюп катынга.
Молдо болсоң акыры,
Байкап жургун кагазга.
Байкап жүрсөң жигиттер,

Балбан болгун намазга,
Напсиңизди тыйыңыз,
Напсиңизди тыйбасаң,
Бир каларсың уятка.
Уят болуп кыйгып,
Аманатты жоготпо.
Бар болсо да жигиттер,
Эптүүсүнүп суратпа.
Кайраты бар жигиттер,
Адатқ кылган намазга.
Бирөө буюм сураса,
Калтырбаңыз заматка.
Кыжалат болуп келгенге,
Эби келсе жигиттер,
Калтырбаңыз уятка.
Калыстыктын нышаны-
Үйрөнбөңүз адатка.
Аксакалдар айтайын,
Келдиңиздер бу жашка.
Карыганда кууланба,
Жаш чагыңыз бир башка.
Илгеркинди көп айтып,
Тантыгансып адашпа.
Кылыгы жакшы боз бала,
Кылган иши шамдагай.
Мен айтайын сиздерге,

40.

Жакшы менен жаманды.
Аралаша ылгабай.
Жакшы жаман болсо да,
Ичте болсунҗ сырларын,
Ашкере айтып булгабай,
Маанисине жеткендер,
Салып турсун кулагын.
Маанисине жетпесе,
Тындабасын
~~Тындырбасын~~ сөзүмдү.
Куру бекер чуулдап,
Мазе кылба өзүмдү.
Тек кертирбе сөзүмдү.
Жазар болсоң молдолор,
Жарым кылба сөзүмдү.
Кудай сүйгөн бенденин,
Жугумталдуу бергени.
Байып чыгар бир күнү,
Кызматына алганы.
Кең бейилдүү жигиттин,
Иши келер илгери.
Ичи кара залимдин,
Элге батар ченгели.
Байда болор жигитке,
Жакшы өнөр билгени.

Айдың-айдың көлдөрдөн,
Аяктай суусу калбады.

41.

Ойдуң-ойдуң жерлерден,
Мал чалар оту калбады.
Түп, Жыргалаң эки суу,
Эр конорго тар болду.
Карагай, кайың, тал, терек,
Тамыр түбү соолуп,
Камчы сапка зар болду.
Малга ылайык жери жок,
Жерге ылайык эли жок.
Асыл заттар кор болду,
Жакшыга жаман зор болду.
Кар жаабаган кара жер,
Темингиден кар болду,
Кандан тууган маң болду.
Эр азамат жигитке,
Сары суулар аш болду.
Калк кармаган улуктар,
Мурункудан пас болду.
Арбактуу эрдин тукуму,
Душман менен дос болду.
Калк. кармаган бек кандар,
Тагынан түшүп күлбөдү,
Не жамандар түзөлүп,
Жогору карай өрдөдү.
Ат башындай жүрөктөр
Кагылуу болуп черледи.
Мырзалык байдан түңүлдү,

61

62

Бул бр Молдо Камчыгы Эмес, Бешек Сойтомоджанын Бигомдуктан сыдымы.

Арканын кийик, куланы,
Алды-алдынан түгөнду.
Ушулар эске түшкөндө,
Бурбайсың неге көңүлдү.
Ичибиз болду барадан,
Каныбыз болду карадан,
Жокко көзүн салбады,
Дөөлөт күткөн бар адам.
Бирөөнү бирөө күнөлөп,
Таттуулук кетти арадан.
Карыш таман мышык баш,
Не азгындар жетилди.
Сан тийбеген жамандар,
Улактай башка секирди.
Не жамандын балдары,
Кандан тууган шекилди.
Албарстай асыл жакшылар,
Өз-өзүнөн кетилди.

Оору көңүлүн ким ачар?
Ал сураган тең ачар,
Черленген элдин кайгысын,
Алдейлеп сүйгөн бала ачар.
Башка конгон бак ачар,
Адами жигит арышы,
Алма моюн жалкы чач
Жаркылдап күлгөн жар ачар.

Уул кайгысын ким ачар,
Алдындагы мекени,
Артындагы баанасы,
Ата менен эне ачар.
Ат кайгысын ким ачар,
Күнүнө жети караган
Жал куйругун тараган,
Сулу менен жем берип
Кадырын билген эр ачар.
Үзөнгүсүн тең тепкен,
Адил тууган кан ачар.
Аккан суу менен кең Отонуш
Түрлөнгөн жашыл көк ачар.
Жакшылык менен жамандык
Баары ажкан болгон соң,
Сабырлык кылмак жарашар.
Кызыл ала кубулган,
Кыргоолдун канаты.
Кызыктырып сүйлөгөн
Кылыч молдо санаты.
Тегеренсе бу тилим,
Тегирмендин барасы,
Дуга кылып коюнуз
Мусулман баласы.
Магар болсо бу сөзүм,

Жашы улкөн агалар,
Оомыйын деп кол жыйып,
Ак сакалдуу бабалар.
Кайсы бирин айтайын,
Кайгылуу эрде санаа бар,
Ойлаткан муну бенделер,
Дуга кылып коер деп,
Мен карыпга дама бар
.....
Мен сүйлөйүн агайын,
Сандап түмөн "зар заман,"
Кызыкканда токтобой,
Кызыл тилим ирмейми?
Кыйык менен болдубу,
Кайсы экенин билбеймин.
Аты жакшы алдаңын,
Кудурети көп экен,
Жомок деген билгенге
Тоодон улкөн кең экен.
Айта берсем түгөнбөс,
Элдин чалкар көл экен.
Көптүгү көл жомоктун,
Айтканымча бар экен.
Ойлоп нуска кылайын!
Ажал жетип күн бүтсө,
Өлүмгө жок ылажы.
Ыкыбалдуу кишилер,

Адилеттен айныбас.
Аныk ырас кишинин
Убадасы бузулбас.
Жамандардын адаты,
Жакын досун ондурбас.
Бу сезумдун баянын
Артып жазам белгисин,
Ар неменин аягын
Ар жеринен билдирген,
Жардылардын жаманын.
Бар да болсо бейли тар,
Байларындын сарайын
Барын айтып берейин,
Салып турсаң кулагың.
Агач тийген арадай,
Тили журат сүйлөнүп,
Тегирмендин барадай.
Калет кылып койбонуз,
Жакшы окуп карабай.
Молдо Кылыч мен атым,
Болот калем деетүм,
Чала чыккан башынан
Чар китептен сабатым.
Жүрө-жүрө арбыды,
Казал жазып кагазым.
Калайыкка билинди,
Катка түшүп абазым.

46.

Куран окуп молдолор,
Кылар бекен дугасын,
Көп алдында сүйлөймүн,
Көргөнүмдүн барысын,
Санат кылып саламын, зарыбын.
Билгенимди кагазга,
Бир-бирине жамайын,
Жигитчилик жүзүнөн,
Аябасын дугасын.
Рахмат айткан ким болсо,
Этек, жеңи жайылсын.
Ушунчалык көп элден,
Акун чыккан мен жалгыз
Окуп көргүн агайын,
Айып күнөй койбогуз.
Темир болот Надырбек,
Үчкөдөн таралды.
Күлдү тынай барысы
Сарбагыштын ураны.
Ушу кезде заманы,
Эр Шабдандын убагы.
Кийинкиге сөз калса,
Канып турсун кулагы.
Айткан сөздүн жобосу,
Ойлоп турсаң сакчыдай,
Сөзгө төкөк акындар
Сейректиги тамчыдай.

Сөзү улук көбүнүн
Этке тийген камчыдай.
Айтар сөзүн табалбай,
Кедир кеткен аңчыдай.
Айтарынан адашып,
Чала молдо балчыдай.
Башка акындан сөз курап,
Байга жүргөн жалчыдай.
Анык акын жаңылбас,
Калкан күйган алчыдай.
Анык тыңдап олтурсаң,
Билгиземин санатты,
Алда өзү чоң экен,
Ар түрлүү жан жаратты.
Ар кайсысын ар башка,
Жер жүзүнө таратты,
Жер жүзүндө адам зат,
Бир кишиден таралды.
Кээ бирөө башынан,
Чили дудук тубаса,
Кээ бир киши өмүрү,
Тазалыктан обочо.
Жакшы кылып кээ бирөөн
Жалпы элди сурантты.
Жаман кылып кээ бирөөн
Колго берди таякты.

Кээ бирөөн зарлатып,
Эки көзүн жоготту.
Кара жерге жашырып
Капкан салат түлкүгө,
Түлкү ышдап жарашар,
Башыңызда бөркүңө.
Өлгөндө да териси,
Айнек болот көркүңө.
Аныk адис мергендер,
Асынабейм баранды.
Айтып алат жазбастан,
Тоодо бугу, маралды.
Кадыр алда кудайым,
Акыл менен карасан,
Айтып турам мен дайым.
Ырысы жок азамат,
Өз оокатын кылбаган.
Жалчы кирип бирөөгө,
Жаны күндө тынбаган.
Илгеркиден нуска бар,
Байкасаңыз айтайын:
Ызаты жок боз бала
Сексендеги чалдайсың.
Акыл эстүү боз бала,
Сыр аякта балдайсың.
Акылга кулак салбаган,
Жакшылыкка барбайсың.

Моңдо Кылыч бечара
Көп күнөнү көтөрдү,
Тобо кылсам теңирим,
Жазыгымды өткөрөр.
Дога кылса окуган,
Мен гарыпке жетерби.
Кабыл кылса кудайым
Асман жердин баарысын.
Жазган сөзүм түгөнбөс.
Калайыкка жайылсын.
Ичимдеги зар заман,
Кумурскадай жайнасын.
Тегирмендей шакылдап,
Кызыл тилим сайрасын.
Угуп турган кишилер,
Кайсы бирин кармасын.
Айткан боло ачылар,
Акындардын арманы.
Ада болсо эзелден,
Алда таала барманы,
Айтканымда сөздөрүм ,
Агып турган булактай.
Эп келишкен кыйышып,
Эрди, катын ынактай.
Ай менен күн асманда
Аламдардын жарыгы,
Алдындагы сайраган,

"Зар замандын" аныгы.
Тышта сөөк жараткан,
Жумуртканын кабыгы,
Суу түбүнөн жай алган,
Дайра көлдүн балыгы.
Он сегиз аламды,
Жаратуучу бир өзү,
Баарысынан артыгы,
Адам заат бендеси.
Чөп-чар жыгач түрлөнгөн,
Курт, кумурска өнгөсү.
Токо наалат шайтандын,
Артык болгон күнөсү.
Мен сүйлөймүн жигиттер,
Көңүлүңдү бузбасын.
Сүйлөгөндө билерсиң,
Ар бенденин өз башын,
Эр буйругун бек тутар,
Акылы бар ургаачы.
Алэл болор идишиң,
Казан-аяк тулгасы.
Айта берсем кубанар,
Акылдуулар уккандай,
Мундуу кылып сүйлөймүн,
Өз колунан чыккандай,
Болбой калар мазасы,
Боом суусун бургандай.

Кагазынан билалбай
Кайсандаса көңүлүңүз,
Кайран сөзду жогоспой.
Жакшы байкап көрүңүз,
Акыл дыйкан кеменгер,
Адам заат жөлегү,
Адилеттүү ишиңиз,
Өмүрүндүн кереги.
Карыганча талыкпас,
Өз сокатын тиреги.
Окуп көргүн агайын,
Бизге дуга береби?
Адыл жүрүп иш кылсак,
Кабыл болор тилеги.
Молдо Кылыч бакырга,
Узун өмүр келеби?
Кудай билет жигиттер,
Көп жашабай өлүмбү.
Насип берип кудайым,
Куру бекер жүрөмбү?
Ыйман берсин теңири,
Ажалтыз адам болобу?
Тагдыр жетсе алдадан,
Учуп кетер чымындай
Денең жатар жыйылбай.
Буту, колуң бүгүлбөй,
Тиричиликти ойлосом,

Ак сарайдын күлүндөй.
Мен сүйлөймүн далайды,
Калайыктан эринбе.
Акыретти көрсөтүп,
Пайгамбарга бак берди,
Китептерди көрсөтүп,
Молдолорго кат берди.
Чечен кылып бирөөнү,
Сүйлөгөнгө эп берди.
Жакшы менен жаманды
Өзү билип текшерди.
Кудурети кудайдын
Кунду көккө жүргүзду,
Айды жарты чыгарып,
Алыстатты жылдызды.
Ай аламга шам чырак,
Асыл кылды күндүзду.
Он сегиз миң аламды
Өз оозуна тургузду.
Жан жаныбар барысын
Насип берип тургузду.
Суу түбүнөн жай берип,
Жаратыптыр балыкты.
Жадугөйгө буюрду,
Дуга менен арыпты.
Байгамбарга түшүрдү,
Аят куран шарыпты.

53.

Азизер кылып жаратты,
Олуя зада шайыкты.
Узун өмүр көрсөттү,
Улукман ата напсини.
Алтымышка чыгарбай,
Өмүр чиркин карытты.
Тирилик берди көрсөтбөй,
Оору берип сындды.
Азиреттин айыбы.
Азап тартып канчалык,
Алты жылда Айыкты.
Адам ата, Ҳаба эне,
Бейиште булар көп жүрүштү.
Канча адам жемиштен,
Беш жүз жыл жеп жүрүштү.
Каар кылып кудайым,
Бул жалганга түшүрдү,
Кабыл болуп тобосу.
Кайтып кошулду,
Адам ата Ҳаба эне.
Эчен жыл зарылды,
Бири-бирин табалбай.
Көздүн жашын тыйбады.
Адам заат баласы,
Ал экөөнөн туулду,
Аштык айдап үй тикти,

Төрт түлүк мал урунду,
Капыр менен мусулман,
Динин айрып бузулду.
Бир канчалык тукуму,
Динден кетип куруду.
Жер жүзүндө адам зат,
Ал экөөнүн уругу.
Жалпы жаңдан артыкча,
Барысынын тунугу.
Байкап турсаң маселен,
Адам албас болорбу,
Айрым белес кезеңди.
Жакшыларды карасаң,
Адыл ойчу болбоду.
Адам акын жесе да,
Дүнүйөсү толбоду.
Молдолоду карасаң,
Ак селдесин оронду.
Аят-адис буйругун,
Акыл менен болбоду.
Насиөн бузук молдолор,
Ат тайгандай ~~хутунду.~~ жойлоду.
Кайда өлүм болсо да,
Андыганын койбоду.
Молдо Кылыч сүйлөдү.
Бул замандын ал жайын.
Акыл менен сынасаң,

"Зар заманды" абалын.
Келиштирип сүйлөсөм,
Киши билбес баянын.
Маани берер өзүнө,
Байкап турсаң абайлап.
Шарият менен шарт кылдым
Жадыкөйлөр окуса,
Беш айланар теңселип.
Чала ойлоп токусаң,
Бул дүйнөнүн түбү жок.
Түбүн түрүп сураба,
Тил билүүчү кишилер,
Мектептеги балдардай.
Ичиндеги сырынды,
Акыл менен тапкандай .
Азаматтын жаманы,
Иттен жаман качкандай.
Айткан сөзү адамга,
Ай балталап чапкандай.
Азаматтын артыгы,
Зымга тарткан күмүштөй.
Айткан сөзү ширелүү,
Демдеп койгон күрүчтөй.
Консо көңүл жай болот,
Колу ачык билиштей.
Сырын тышка чыгарбас,
Таптап койгон кылычтай.

56.

Көркүн көрсөң көрүмдүү,
Ийи майда кебездей.
Ач болсо да тойгондой,
Арык болсо семиздей.
Боз баланын жаманы.
Чата/ болор кыялы.
Айткан кеби адамга,
Урушкандай сыягы.
Куру кайрат, жел өпкө,
Колго кармап жүргөндөй,
Ала бакан таягы.
Эрин билген катындар,
Эс билбеген эсердей.
Эрге кылсаң каяша,
Эсиңизден кетерби.
Эри жаман катындар,
Эри менен алкылдап,
Аңги койгон айгырдай.
Ай, ай сөздү укбастан,
Айта берет тартынбай.
Анык чечен акындар,
Жазгы жааган жамгырдай.
Төгүп турат төңкөрүп,
Буудай салган калбырдай.
Кыз баланын жакшысы,
Күмүштөн куйган жамбыдай.

Качан болсо кыйма бел,
Адам качбай алгандай.
Калың токой карагай,
Кайың жыгач үлкөнү.
Кайың терек сөгөт, тал,
Күл чыгарып Бүрдөду.
Кызыл алтын тактасы,
Падышанын мингени.
Жай кышы тери тон
Жарды жалчы кийгени.
Казынага бай жыйды,
Кызыл алтын дилдени.
Ою менен сурашып,
Орус бизди тергеди.
Илгеркидей замана,
Кана кайра келгени.
Зар заманым бу казал,
Зарланганга кулак сал.
Андасаңыз чыгат бейм,
Айта берсем ар макал.
Акыл ойлоп жүрөргө,
Тааныш болсоң көп элге.
Айыл болсоң кошулуп,
Дүнүйөсү кененге.
Намыс кылба аянып,
Кызматыңды билерге.
Кошчу болсоң жакшыга,

Кубанарсың наркына.
Кыялыңыз түз болсо,
Казак, кыргыз калкына.
Жүзүң жарык көрүнөт,
Калайыктын барына.
Жалгыз аттуу жардынын,
Жалгыз ат кокустан.
Күлүк болсо багына.
Куда чыгар бирөө,
Сулуу чыгып кызына,
Ырыскындын белгиси.
Мен айтбаймын санатты,
Кулак салчы ушуга.
Бул айтканым акылым,
Байкап турсаң адамга,
Не кылса да кудайым.
Өзү билет жазыгын.
Кудай кандай кылат деп,
Кетирбеген санаады.
Кудуретти ким билет,
Барды жоксун кылабы,
Болбос ишти ойлобо,
Ойлосонуз акыры,
Кудуреттин алданын,
Акыл менен болжобо.
Шек келтирбе сөзүнө,

Китеп ачкан молдого.
Ит болсоңда дин үчүн,
Жамандыкка булгаба.
Туура динден чыгасың,
Адам ата, абага,
Шек келтирип коесуң.
Тосулбаган макалым,
Өлмөйүнчө түгөнбөс,
Жомок менен казалым.
Сүйлө тилим зар заман,
Желиккенде мен өзүм,
Жел кайыптан сөз табам.
Кубаныч кылар өзүмө,
Кулак салып байкаган.
Акыр дүйнө заманды,
Айтып келем сөз кылып,
Нечен дүркөн адамды,
Акыл сөздү тутбаган,
Дини катуу жамандын,
Ал сыяктуу адамдын,
Ыйманы жок карангы.
Кулак салсаң акылга,
Куулук кылба бакырга.
Убал кылып жанына,
Убаданды качырба.
Колуңуздан келбесе,
Болбос ишке асылба.

Анык адам болсонуз,
Конок келсе жашынба.
Зар заманым ар кимге,
Бейли менен укандай.
Сайрап берсем алдына,
Кулагына жуккандай.
Байкап турсаң түздүгү,
Машинадан чыккандай.
Кызыл тилим сайраса,
Кыргый сабап учкандай.
Жомок сөздөр дарыя,
Кеме салса толгонбой,
Айта берсем кемибес,
Кашык менен сызгандай.
Бу заманды ойлодум,
Илгеркинин ирээтин,
Көзүм менен көрбөдүм.
Карылар көп айтат,
Калпы, чынын билбедим.
Казак, кыргыз кармашып,
Канча олжо үлөшүп,
Калмак менен калчаны,
Чабып алган бирлешип.
Кантип жылкы алганын,
Карылар көп айтат,
Илгеркинин адамын.
Атасындай урматтап,

Аксакалдуу карыны,
Эмдигинин адамы
Уяты жок залымы.
Ата-энеге баш бербейт,
Акылы жок бадиги.
Ар түтүндөн жыйылган,
Алык-салык чыгымы.
Кызын сатып кутулат,
Жарды, кедей чайыры
Бейли кетти түгөнүп,
Бу замана тарыды.
Жаш болсо да бечара,
Убайымдап карыды.

Байкап турсаң илгери,
Бий, болушту билбеди.
Акча салып биздерди,
Алык, салык бербеди.
Көбү качып багынчай,
Орус жүзүн көрбөдү.
Кармап алып маймылды,
Дарга тартып жай кылды.
Кокондуктун кандагы,
Тактысынан айрылды.
Эр Тайлактын Осмону,
Качып барып Кашкарга,
Канча жылда кайрылды.
Кан Ормонбум баласы,

Үмөтаалы Чаргынды,
Кашкар барып келгин сон,
Кадырынан тайгылды.
Кайдан билер бу капыр,
Казак, кыргыз затынды.
Кагаздап алды билдиңби,
Катын бала, зайбынды.
Салдат алат бир кезде,
Кармап алып жармынды.
Эсептеди көрдүңби,
Эгиз менен жалкыны.
Барын айтып бердимби,
Бу капырдын мүнөсү,
Бузулганын көрдүңбү.
Бир кудайдын талаасын,
Меники деп кагаздап,
Жапан чыккан жыгачын.
Барын сатып аласың,
Кантип оокат кылассың?
Илбесинди коруду,
Кошту кайда саласың.
Жылдан жылга салык деп,
Закон баштап түгөнгүр,
Заманаңы тарытып,
Истамбулдан беркини,
Алды барын багынтып.
Кудай урган бачагар,

63.

Кызыл башты кырганы.
Терсе, жөөт, үндүгүнү,
Барын жуда алганы.
Абалкыдан акыры-
Айтып келем сөз кылып,
Мусулманды, капырды.
Сөзүм аты "зар заман,"
Ак кагазга жазылды.
Аманат жан кетерде,
Ажал өлүм жакынды.
Болжол менен абайла,
Бу замана такылды.
Өзүң жеке жебейсиң,
Тапкан каражатынды.
"Зар заманым" агайын,
Насиятка барабар,
Угар болсоң айтайын,
Ини менен агалар.
Акылы жок кээ киши,
Өлгөндөрүн табалар.
Аныk жоомарт азамат,
Карыптарга кайрылар.
Акыретте жоомарттын,
Эки жүзү аграр.
Эске токтоо азамат,

93

Ак саманда
Кердиңиз
Кирпга
Жаек к.
Карп

Гул жер эки
кайталанат,

Өз акылын чамалар.
Ноон өпкө жоода жок,
Мыктысының чыгалар.
Бой көтөрүп сыланар,
Кудай алсын андайды,
Ошентип жүрүп кур калар.
Жакшы болмок канчалык,
Жакшы болгон адамга
Кудай берер бак салып.
Арбак конуп кетпеген,
Жүргөн менен мактанып.
Арзан болсо жакшылык,
Ар ким өзү корсунбай,
Жакшы ныгып албасы,
Өзүнөн өзү сактанып.
Ырыскы, насип алдадан,
Он сегиз миң аламды,
Кудай өзү жараткан.
Сүйгөн кулу болобу,
Аныкасыл заададан.
Оолуя чалыш бендеси,
Жаман ишке барбаган,
Өз малынан башкага,
Асты көңүл салбаган.
Ар бендеге ыймандуу,
Жупту болсо өзүнө,
Әр жигиттин жубаны.

65.

Көзү жетип ар ишке,
Көңүлүңдү тапкандай,
Буюрганың ~~буюрса,~~ бутурса
Ичиң жылып турган~~дай.~~ы.
Эл жакшысы калайык,
Кадимки кара каргадай,
Кадырлабай сүйлөгөн,
Карыларын ылгабай.
Байлар малын бакканы,
Зекет бербей сараңы,
Ырыскысын булгаган,
Алал багып жей албай,
Чуркураган акылсыз,
Өз колунан келе албай.
Кайбат кылат жакшыга,
Акыл, айла табалбай.
Момунсунган байлары,
Коркконунан көп кылат,
Жакшыларга пайданы.
Байда кылмак кайцагы,
Ким да болсо нар жагы.
Далай ишти кылгыдай,
Келер болсо дарманы.
Эмдигинин карысы,
Илгеркини жоктоду,

Уруу кылсаң киргени,
Башың чыкпай көктөгө.
Жөрөлгөсү замандын,
Капыр алып эркинди,
Түштү жерге жылдызың
Мал азайып түгөндү,
Соодагердин тыйыны.
Боздоткону жардыны,
Болуштардын жыйыны.
Барган сайын оорлук,
Былтырдыдан быйылы.
Эл жегени көп болду,
Жалган айгак күбөсү,
Карып жетим какшанды,
Өмүрүнө унуткус,
Айыкпаган так салды.
Илгеркинин адамы,
Берекелүү убагы.
Казак, кыргыз өзүнчө,
Өзбектин сурагы.
Падышасы алардын
Кокондуктун манабы.
Орус колун байлаган,
Эмдигинин заманы.
Болуштукту талашкан,
Элдин эки тарабы.

67.

Жанжал болуп чыр чыкса,
Журтка тиер зыяны.
Талаш кылса болушту,
Эли кылар урушту,
Замананын дартынан,
Далай адам өлүштү.
Кайда табам дегендер,
Көп залалды көрүштү.
Караңгы элди чайкаган,
Айласы бузук орустун,
Чала болот кыргызга,
Кор болгон өзү оруска,
Жамандык чыкса жарашып,
Өзүнчө салбай кылыска.
Эрегишип тил албай,
Үйөзгө барат арызга.
Айгак болуп жүгүрүп,
Жетип барат алыска.
Адамдын билбей күнөсүн,
Билсе кимди аясын,
Дини башка болгон соң,
Өлгөнүнө кайдан карасын.
Күнө түшсө мойнуна,
Адамдын койбос оюна,
Санына салып кишенди
Шибердин айдайт жолуна.
Иш өткөн соң пайда жок,

68.

Сураса бербес колуна.
Орустан көрбе ~~кунени~~, куноону,
Кыргыздын курсун тилеги!
Коем деп жатып куруду,
Бир-бирине күнөнү.
Казак, кыргыз бузулса,
Орус жайды билеби?
Орустун ичи кең экен,
Эси менен жүргөн эл экен,
Казак менен кыргызды,
Сурак кылар эп экен.
Алдабаган ар кимди
Убадага төп экен.
Угуп турсам ар кимден
Кумурскадан көп экен.
Улуктары көбүнчө,
Акылга дыйкан кен экен.
Акылын тартып ар кимдин,
Адат, үрпүн ченеген,
Көбүнде бар адилдик,
Жардынын жайын караган.
Жакшы менен жаманды,
Жалпы бирдей санаган.
Улуктары баракор,
Аябай журтту талаган,
Акча десе токтобой,
Түшө калат салаадан.

Ошондо да орустун,
Азгоолак экен чыгымы.
Акылга туура кылыгы.
Түгөтүп койду элинди,
Кыргыздын чыгым-ырымын.
Өзүндүн жакпы болушун,
Кетирип жатат шайынды,
Каныңы соруп сулуктой,
Соруп жатат майынды.
Орустун далай улугу,
Кылат экен кайырды.
Кыргыздын болуш, манабы,
Мандайга бүткөн бир малын,
Жалгызынан айырды.
Айта берет "зар заман,"
Айып дебе шайырды.
Орустун кана жазыгы,
Малга берет акыны,
Падышалуу чиркиндин,
Законго туура жатыгы.
Карасса да жеринди,
Арзан кылды эгинди,
Сураса кыргыз орусту,
Тердирет эле коңузду.
Акы бербей аларга,
Салат эле жумушка,
Кылба журтум убайым,

70.

Орусту берген кудайым,
Мусулманга каратпа,
~~Деп тилеглим-сураймын.~~ Деп тилеймин, сураймын.
Мусулмандан кан болсо,
Курутпайбы жудайын?
Акыл менен карагын,
Ичип жатат молдолор,
Сыра менен арагын.
Ошолорду кудайым,
Кандай кылып аларын,
Өлгөндөн соң ким билет,
Кандай болуп каларын.
Жаман деген китепте,
Адамдын кылган арамын.
Айтып ылгап болалбайт,
Түгөнгүрдүн заманын.
Келди акыр замана
Карабас ини-агага,
Бөлөк санаа көңүлү,
Өзүнөн тууган чырагы.
Алыс жерден айлалап,
Угуп турат кулагы.
Адамды кырат айбанча,
Анын кимге убалы.
Зар заманым аяктап,
Болду бүтөр убагы.
Азырынча отурган,

Кылар бизге дубаны.
Эмдигинин кезеги
Канатгуунун жолюгу.
Оз алдынча бурaалам
Аны айтпасам болоду.

~~Аяк~~ Экинчи нискасын

Жудатын — Гаарын

~~1900~~ 1890.

ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 327 (б)
6/IX-56
...д. ФАН СССР гор. Фрунзе

~~74~~

Молдо Кылыч.

Чуй озону, 25 стр.
(перевод с араб. алф)

...ут языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 327
6/IX-58 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

74

инв. 22
сальштырганда

инв № 7

ЧҮЙ ӨЗӨНҮ

Мен айтамын санатты,
Каралалап көп жаздым,
Канча тҮрлҮҮ кагазды. — такта
Ушу Токмок калааны,
Келип капыр үй кылды,
Жылгын башы далааны.
Каршы терши көп салды, — тилди
Карагайга арааны
Ойду тоону курутту, — короду
Орус деген журт экен, — журт
Кыйын экен жоругу.
Малай кылды го кыргызды, —
Тил билгендин баарысын,
Кенселерге тургузду.
Күнекерди күшкүштеп,
Набактыга киргизди.
Болуш коюп, бий шайлап,
Элге борум билгизди.
Жылгын башы далааны,
Жылгындары көп экен.
Айыл конуп илгери,
Жылкы салчу жер экен.
Эми калаа орноду,
Баш-аягы базардын,
Ат чабымдай болжоду.

2.

Тиккен багы тереги,
Тиктеп турса адамын,
Эсеп жетер болбоду.
Токмок шаары толуптур,
Ар уруктан көп келип,
Толгон базар болуптур.
Дунгананын барысы,
Мандайына чыгыптыр.
Кара конуз керуучу-
Калың шаар кылыптыр.
Абайласаң Токмоктон,
Эки жерде орусу.
Какол менен мужуктун,
Барынын бир-болушу.
Кызыл суу менен Шамшыны
Эгин жайы кылганы.
Отор барган жылкыдай
Орустардын үйлэры.
Өгүздөрү дөбөдөй,
Кудай бетин көргөзбө!
Каколдору төрөдөй
Колго баккан малындай,
Чочкаларын карачы!
Ээрчип жүрөт чубуруп,
Энесинин артынан,
Он экиден баласы.

3.

Ушунетип орусуң,
Ит чочкону мал кылды.
Билбегени эмесби,
Буттарына табынды.
Токмоктун калың орусу,
Топтон чочко донузу.
Базарына карачы!
Бастырып жүрсө жол бербейт,
Арабасы-чанасы.
Дүкөнгө кирип карасаң,
Дүнүйеси сонуну,
Аңкайып карап турасың,
Адамдын жетпейт санаасы.
Жакалудан чапан бар,
Жыйып койгон жүгүндөй,
Кездеме менен мата бар.
Булгары десең жыйылуу,
Дүнүйелер сонун бул,
Дүкөндө турат үйүлүү
Көрүп турсаң Токмокту,
Күнүгө базар бакылдап,
Уста дүкен бир тарап,
Узанып жатат чакылдап.
Дубаналар маддалар
Амийин деп кол жайып,
Көчөдө жүрөт какылдап.

4.

Дунгана 6/ журөт чакырып,
Чырпыктан челек асынып,
Төрт булуңча топусун,
Төбөсине кийишип,
Чекесин күнгө катырып.
Журөт экен эрикпей,
Өз тилинче чакырып.
Араласаң Токмокту,
Ак сарайдуу тамы бар,
Салтанаттуу жасанган,
Сарт,ногойдун байы бар.
Саморчуга киргенде,
Ар чайнекте демдеген,
Топтоп турган чайы бар.
Дүнүйөсү дапдаяр,
Базар деген жаны бар.
Алып жесең дүкөндө,
Өрүк,мейиз,канты бар.
Акча болсо аралап,
Ар сонундун баары бар.
Жесең чындап суусатат,
Ашпасында 3/ мантуу бар.
Дүкөндөрдү караса,
Болбой ичем дегенде,
Бурkуратып мас кылар,
Бозо менен арак бар.
Көлөкөлүү багы бар,

5.

Көрүп жүрүп караса,
Жалгыз адам жаны жок,
Мунан башка сонундун
Самагандын баары бар.
Кайсы бирин айтайын,
Карап турса дүкөндө,
Катар-катар жыйылуу,
Аркан менен кабы бар.
Мал базарын карасан,
Наркы чети болуптур
Кой базарга жыкылдап,
Кыргыз,казак толуптур.
Чыр чатакты таярга,
Алып келип орустан,
Кереднеч коюптур.
Күнде базар мал кирип,
Жылкы десең жорго бар.
Арзан баасы не керек,
Теңге болсо мал да бар.
Сыйыр деген жол бербейт,
Акча болсо колунда,
Басып жүрүп барысын,
Алам десең кой дебейт.
Жылкы десең койдон көп,
Арзан айтып сураган,
Ар уруктан чогулган,

6.

Алып сатар мындан көп.
Куйруктарын түйдүрүп,
Ат бүткөндү чубатар.
Асыл малдын баарысын,
Акча деген курусун,
Арзан баага суратар.
Канча жакшы аттарды,
Тандамалын аларсың,
Салып берсең колуна,
Жыйырма сом акчаны,
Базар барсаң мал арзан,
Теңгең болсо аларсың.
Сүйгөнүңдүн баарысын,
Аламын деп сайласаң,
Баалуудан бачайы,
Байкап турсаң дүкөндө,
Бейкасамдар жайылуу.
Намайгендин көк чепкен,
Этек жеңин карасаң,
Машинеге минимум. салуулу.
Кундуз десең түлкү бар,
Кыйгач түрүп киерге,
Кыргак калпак бөркү бар.
Кыз балага кымкаптан,
Ат жабдыгы дагы бар.
Бары бедел турбайбы,

9

7.

Базар деген жаны бар,
Кылыч, мылтык барденке,
Эр жабдыгы дагы бар.
Бары белен турбайбы
Базар деген жаныбар.
Кең Чуй ата өзөну,
Кенен болот турбайбы.
Калкы журтун карасаң,
Калың элет экен гой
Кара таруу, буудайы, будайды
Бурчак менен жугөрү
Бул кылууга баарысы.
Жарды дебей, бай дебей,
Көп айдаган бедени. айдаганы
Ар эгиндин уругу.
Арбын экен жаныбар,
Кара куурай, зыгыры,
Салып туруп зоотко,
Сыгып алар майы бар.
Кытай конок, кунжуту, кунжут
Уруктары дагы бар:
Дунганада, оруста, дунганы да,
Адам жээр тамактан, жечу
Ар уруктун баары бар.
Картешке менен шалгамы,
Араласаң жол бербес,
Алча менен алманы.

10

10

8.

Арбын экен кебунче,
Бышыкчылык кезинде,
Өрук менен шабдаалы.
Жийдеси бар, тыты бар,
Алмурут деп бир жемиш,
Жаңы чыкты ушулар.
Мисте менен бадамы,
Капта турат жайылуу,
Топтоголок жаңгагы.
Дунганада бар экен,
Лапша деген жер жемиш,
Сабиз, бияз, туруптур,
Куруч басып жесеңиз.
Калемпири, мурчу бар,
Ачуу болот тугенгур,
Ашка салса курчу бар.
Кызыл алма багында,
Барып керсең базарда.
Дунуйеси жанында.
Куз убакты брлгондо,
Жер жемиштин баарысы,
Казан болуп толгондо.
Жузум менен анары,
Бышыкчылык маалында,
Булу жеңил кадагы.
Коон менен дарбызы,
Арзанчылык кезинде,

9.

Бир тыйынга калгызы.
Ашкабагы, бадыраң,
Арбын экен баарысы.
Бир тыйынга экиден,
Алмалардын сарысы.
Арабада коону,
Алты тыйын, беш тыйын,
Дарбызынын коону.
Кузгө жакын болгондо,
Кыйын экен артыкча
Чуй элинин доору.
Лалаадагы кемиши,
Карагаты, булдуркөн,
Кожогаты, чийеси.
Данкуурай дейт бир жемиш,
Татканым жок, көрбөдүм,
Керге чыккан мевесу.
Кектөмдөгү жемиши,
Тизе бою текейи,
Чаңдалактын семизи.
Чыкын менен сарымсак,
Белден отуп бурапып,
Айдагандай тегизи.
Балтырканы билектей,
Балжуранын карасаң,
Жалбырагы этектей.
Козу кулак, кымыздык,

10.

Коктудагы ычкырдык.
Бул катары жемиши,
Жерде жатат тезектей.
Абайласаң жигиттер,
Чурөгү Жер суусун мүрөлү.
Ою менен тоосунда,
Калың арча, карагай,
Жыгачынын кенени.
Издеп жүрсө табылар,
13 Ар адамдын өзүнө
Буюм кылар кереги.
Ыргай менен табылгы,
Карап жүрсөң табасың,
Жады куурай, карандыс,
Жер чөбүнөн дарыны.
Катыраңкы, долоно,
Аса, муса саржыгач,
Кайың менен четинди,
Кашаа кылар короого.
Кең Чүй ата жарыктык
Дүнүйөсү төгүлүү.
Мал аралап жүрө алгыс,
Чыккан чөптүн өнүмү.
Жалбырагы манектей
Кара куурай, сүтүкөн,
Кузгө маал болгондо,
Кулкайыры желектей.

11.

Камыш менен кекени,
Карап турса калыңы,
Эгип алган теректей.
Байчечекей рачы,
Ууу коргошун, ак кодол,
Малга өтө залалы.
Боз караган жылгыны,
Алты канат ит мурун,
Коён томук, кекжантак,
Карап турса ой-тоосу,
Катуу кара шилбени.
Чычырканак, сөгөту,
Ак чечектей жыгачы,
Ар буюмга керектуу,
Сагыз куурай, чекенде,
Ак куурайы билектей.
Кендирлери буралып,
Келеп кылган жибектей.
Топчу куурай, камгагы,
Ак тикени, уйгагы,
Алабата, шыралжын,
Кара бурген тее куйрук,
Калың экен бу дагы.
Какым кукум, тее табан,
Улар бияз, жер чайдан.
Дары кылар чөптөрун,

12.

Издеп табар ар кайдан.
Тегерек баш сар куурай,
Чачыратки, ак куурай,
Атын билбейм канчалык,
Ар бир турлуу кеп куурай.
Адырашман, ыкшары,
Аткулагы, чалканы,
Кызыл куурай, чогойно,
Коко тикен, чырмоогу,
Айдагандай чыкканы.
Тоода аюу балдырган,
Топчу башы жергемуш,
Сары шимуур, кек шимуур,
Шимин жаткан калдыркан.
Кызыл мыя, жалбызы,
Жылтырканы, шыбагы,
Чыккан чебу кызыл от,
Чийе менен камышы.
Тулку куурай мийбеги,
Белге чыгат буралып,
Бетегеси, кедеесу,
Ажырык чоп шибери,
Каракыяк, буудайык
Айдап алган бедени.
Чытыр менен таргылы,
Керсек чирче жермегу,
Кету боштун кептугу.

13.

Айта берсе батбаган,
Адам атын таппаган,
Эчтеме жок тегеле,
Чуй ичине чыкбаган.
Тогуз тебе, теңге чоп,
Толуп жаткан андан коп,
Адам атын укпаган.
Жалбырагы дагы бар,
Доңуз сырты, улар от,
Турлуу чоптун баары бар.
Чекилдеги чырыши,
Сасык тана, согону
Куу кылуучу куурайы,
Тоога чыккан бурчагы,
Мал жаарге кереги.
Кызгалдагы кызарып,
Кыздай болуп буралып,
Айта берсем Чуй бою,
Арбын болор армеги.
Кектемеде кубулган,
Кан ча турдуу хулдеру.
Кызыл, жашыл, сарала,
Байчечекей турлеру.
Кебургенун керсенуз,
Айдагандай эзси.
Жайлоосунда чемирчек,
Ак кокосу аштыктай,

Чыккан чоптун дарысы.
Тоога чыккан кемпир чач,
Чекилдектей мунозы.
Меңдубана муудурап,
Сууга чыккан жанузак,
Дары болор барысы.
Калыч болор эрмени,
Карга тырмак терсеги,
Арбын экен жашыл чоп,
Айтпасыка чара жок,
Нанга салар сирени.
Коке мерен юбасын,
Баары жаңдар билгени,
Мамиренин дарысын.
Байда кылды кудайым
Чуй ичинде барысын.
Жери кенен дарысы,
Тиккен багы мевеси
Терек, кара жыгачы,
Айдан алса агини
Вышбай калбайт дебейсиң,
Жаздымы жок белени.
Куручунун курмогу,
Даны толук бурчактай,
Маш уругу ураны.
Кызыл конок, арпасы,
Жылаңач арпа кемчил бейм,

Магзымы, жармасы
Кыйын бышар тамеки
Ысык болот артыкча,
Чүй боюнун жакасы.
Сулуудуг Көрсөң калың сулууну,
Арбын экен оруста,
Күнгө багар уругу.
Айдап алып кеп[ч]арды,
Апийимин кеп алды,
Капустасын бышырып,
боек? Бое казып чыгарды.
Кең Чүй ата жаныбар,
Келиштирип сүйлөсөм,
Керектуунун баары бар.
Таш бышырган ташы бар,
Акиташтын уусу бар.
Кен орногон тоосу бар.
Керек десең жоно бар.
Кектемеси көгөрөр
Көрөр болсоң жарандар.
Кузге маал болгондо,
Берекеси көбөйөр.
Вышыкчылык кезинде,
Жер-жемиштин баарысы,
Жер устуне чыкканда
Саратаны чакырып,

16.

Сары тамыз учканда,
Зыркыраган сайгагы,
Чымын менен чиркейи,
Хйге толуп жыкылдап,
Бегенеги бургеси,
Мийзам болуп учканы.
Бетинизге оролор,
Жергемуштун желеси.
Кен чуй ата жакасы,
Чардап жаткан бакасы.
Ийнелиги, когеену,
Кенен акен оагече,
Кылкылдаган өзөну.
Кара сууд а кундузу,
Тоосундагы андары,
Кызыл карсак тулкусу.
Арбын болот карышкыр,
Аюу, каман, илбирси.
Шумендеген чөөлери,
Тай сулөсун суусары,
Аска зоода секирсе,
Тайгылбаган кубаары,
Ач кусөну, тейини,
Арбын болор бөкөну.
Кашкулагы, мадылы,
Карап турса ачкыштап,

Суурунун арбыны.
Кеҥ Чүй ата жаныбар,
Кенен экен өрөөнү.
Абайласаҥ жеринде,
Ар жаныбар уругу.
Аска зоодан алынган,
Суусунун тунугу.
Тандап атып алгыдай,
Далаасында элиги.
Бугу марал мындан кеп,
Жер жайнаган кийиги.
Пулу жүз сом мүйүзү,
Бугусунун башында.
Эчки, теке жайылар,
Тайгаланбай ташына.
Аркар менен кулжасы,
Атып алса күзүндө,
Уйдукундай жамбашы.
Коендору козудай,
Аңдасаңыз абайлап,
Коондору сокудай.
Байкап турса суусунда,
Балыктары манектей.
Заарканат көргөндө,
Сар жыланы билектей.
Карап турсаҥ түгөнгүр,
Кара курту көмүрдөй.

Курт, кумурска, чарар бой,
Кепчулугу эсепсиз,
Тилингени билинбей.
Сары жылан, чаяны,
Анча арбын болсо да,
Адамга жок зыяны.
Туктуу сары жону бар,
Музоо баштын раңы,
Кескелдирик дагы бар,
Узундугу бир карыш,
Бу да сонун жаны бар.
Ар жаныбар уругу,
Чуйде болот урбайбы.
Айканы дынбаары чын,
Жалган кепти кылбайлы.
Молдо Кылыч бечара,
Кербегенин сурады.
Кудуретин куп билем,
Кең Чуй ата жаныбар,
Кең кесире жер экем.
Абайласаң жеринде,
Ар жаныбар молу бар.
Изгырылып сайраган,
Чегиртkенин уну бар.
Тикенектей сайылган,
Жер кирпинин угу бар.
Кирпичечен өзу бар,
Шибегедей шиши бар.

Арчычканын карасан,
Иттикиндей тиши бар.
Карап турса капкара,
Конуздары муштумдай,
Сар жыландын чондугу,
Жаш баланы жуткундай.
Чегирткеси сакадай,
Кополектун чондугу,
Кейнегуне салдырган,
Кадим алка жакадай.
Жоолжаны,сулугу,
Жаачы,ала кулугу,
Отко тушкен парвана,
Ар жандардан болегу.
Жаны курбан алалга,
Ташбакасы далбайып,
Кел бакасын карасан,
Жан аяктай жалпайып.
Суусундагы суу жылан,
Сонун болот керсениз,
Кара кылдай кыл жылан.
Тиктеп турсан, жигиттер,
Сонун эле жер экен,
Ушулардын баарысы,
Айтканымдай эп экен.
Канаттууда аяктуу,
Карап турсан акыры,

20.

Илбесини көп экен,
Каркырасы, тоодагы,
Көктөмөдө көрөсүң,
Чуркураган турнаны.
Каркылдаган каздары,
Өрдөк менен сонору,
Кара суу быкылдап,
Учуп, конуп жатканы.
Кызыл короз бозтеги,
Каракунас, бир казан
Сууну бойлой кечкени.
Дарылдаган тартары,
Мойну кулач көк кытан,
Суудан балык алганы.
Ак чардагы, чулдугу,
Калың болор ченемсиз
Кара карга уругу.
Тоосундагы улары,
Арбын болор кекилик,
Айры куйрук, кулалы,
Башы кызыл каракур,
Билем десең жигиттер,
Бир турлуу жан мына бул.
Чыргыттаган чили бар,
Көгүчкөндүн көптүгү,
Сары Чуйдун ичинде

Бөдөнөнүн кени бар.
Белгилүү куш безбелдек,
Калын экен жеринде.
Кара сууда кашкалдак:
Кок каргасы,кукугу,
Көрсөң көзү кыпкызыл,
Бабырганы,укуну,
Жазгы келген доору,
Канаттуунун үлкөнү,
Кара буркут,жоруну,
Ала карга кузгуну,
Кызыл тумшук сагызган,
Кыжылдаган тукуму.
Тазкарасы,аксары,
Тун ичинде сайраган,
Алагуусу, итаты,
Жорго тоодак,бактеги,
Ар бир урук жанибар,
Илбесиндин көптүгү.
Канаттуунун кыраны
Толуп жатат тоосунда
Тунжур,кумпай,куйкесу
Туйгун менен тынары
Турумтайы мыкыйы,
Ителгиде ылачын,
Жагалмайы,кыргыйы,

22.

Чүйлү менен кушу бар,
Кыябына келтирсе,
Кыран болор шукары,
Аңыр менен кара каз,
Сазга конгон изгычы,
Орок тумшук кажыры,
Издегенде табасын,
Ар жандардан баарыны.
Суу бойлогон суу бүркүт,
Тармалжындын ичинде,
Аты кара чакылдак.
Кулалыдай өругөн,
Базардагы канаттуу,
Басып жүргөн аяктуу,
Кызыл-жашыл кубулган,
Тоту куштун жуну бар.
Эчкиге сарт сатсам деп,
Бир чымчыктын уну бар.
Амеркендин тоогу,
Ала-чаар тугу бар.
Агалалуу кок кептер,
Кекучкендей топтошуп,
Асманга учуп дүркүрөп,
Бакма өрдөк казы бар.
Кури деген бир башка,
Кара боор кыл куйрук,
Далай куштун учкулу.

Канча турдуу чымчыктар,
Чуйде калыц тукуму.
Чабиекей,куркулдай,
Ыйык болот турбайбы,
Карыбгачы,боз торгой,
Аят айтып сайраган,
Куркулдайдын уясы,
Уяндыгы абыдан,
Тепме чепкен биязы.
Бакта булбул сайрашып,
Андасаныз жаныбар,
Аргеи сандык авазы.
Чакчыгайы чакылдап,
Ала дунга,чыйпылдак,
Эчки маарак бакылдак,
Сай сагызган шакылдак,
Илип алат майкету,
Куш кенеси таканак.
Кец Чуй ата жаныбар,
Карача торгой жарганат.
Боз таркылдак,короолу,
Бурма моюн дагы бар.
Котурапей тарагы,
Адам атынтаппаган,
Канча-канча чымчыктар,
"Эжеке баз саа" дегени.

Чымчык үзү угулар.
Ала борбаш,кекшалкы,
Арбын экен кебүнче,
Кара чымчык,сарайгыр,
Кызыл куйрук сар барпы.
Ала чырчык асылы,
Чекирткенин душманы.
Сопол кара сүйретки,
Суудан балык алгны.
Жылкы жандап жүрүүчү,
Кек жылкычы кучкачы,
Калын болот кара каш,
Эр сынардын жолдошу,
Кең Чүй ата жарыктык,
Чындап жакшы болгондо,
Чын куранда кектему,
Кыштын үнү жакасы,
Тизе бою кар болуп,
Кыйын болот суугу.
Зампарлаган туманы.
Үч ай-төрт ай кышы бар,
Кары кетип калган соң,
Алысындап чөп чыгар.
Кектемеге бара бар,
Башкы жагын карасаң,
Кичи Кемин,Чоң Кемин,

Кеч Кочкордун суусу,
Капчыгайдан кошулуп,
Томен карай киргени.
Эки Кемин далаасы,
Эр Шабдандын ерену.
Беркташ ата учугу,
Текеликтин сенири.
Кулду казак жердеген,
Кунгей жаны жерине.
Карабалта куйганы,
Аяк жан жери ушул,
Тескей жаны тарабы,
Тамам кыргыз урааны.
Билер болсоц мына ушул,
Токмок, Бишкек калаан ы.
Тамам.

Молдо Кылыч Чуй өзену
Инв. номер 327

ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 327.
4/IX-56,
Инв. ФАН СССР

Моядо Кылыч.

Чуй өзөну.

(перепечатано с араб. алф.)

ЧҮЙ ӨЗӨНҮ

Мен айтамын санатты,
Каралалап көп жаздым,
Канча түрлүү кагаазды.
Ушу Сокмок калааны,
Келип капыр үй кылды,
Жылгын башы далааны.
Каршы-терши көп салды,
Карагайга арааны.
Ойду-тоону курутту,
Орус деген журт экен,
Кыйын экен жоругу:
Малай кылды го кыргызды,
Тил билгендин баарысын,
Кенселерге тургузду.
Күнекерди күшкүштеп,
Набактыга киргизди.
Болуш коюп, бий кайлап,
Элге борум билгизди.
Жылгын башы далааны,
Жылгындагы көп экен.
Айыл конуп илгери,
Жылкы салчу жер экен.
Эми калаа орноду,
Баш-аягы базардын,
Ат чабымдай болжоду.

Тиккен багы-тереги,
Тиктеп турса адамын,
Эсеп жетер болбоду.
Токмок шаары толуптур,
Ар уруктан көп келип,
Толгон базар болуптур.
Дунганаын барысы,
Мандайына чыгыптыр.
Кара конуз керүүнү-
Калың шаар кылыптыр.
Абайласаң Токмоктон,
Эки жерде орусу.
Какол менен мужуктун,
Барынын бир-болушу.
Кызыл суу менен Шамшыны
Эгин жайы кылганы.
Отор барган жылкыдай
Орустардын үйлары.
Өгүздөрү дөбөдөй,
Кудай бетин көргөзбө!
Каколдору төрөдөй.
Колго баккан малындай,
Чочкаларын карачы!
Ээрчип жүрөт чубуруп,
Энесинин артынан,
Он экиден баласы.

Ушунетип орусун,
Ит чочкону мал кылды.
Билбегени эмесби,
Буттарына табынды.
Токмоктун калың орусу,
Топтон чочко-донузу.
Базарына карачы!
Бастырып жүрсө жол бербейт,
Арабасы-чанасы.
Дүкөнгө кирип карасаң;
Дүнүйеси сонуну,
Анкайып карап турасың,
Адамдын жетпейт санаасы:
Жакалудан чапан бар,
Жыйып койгон жүгүндөй,
Кездеме менен мата бар.
Булгары десең жыйылуу,
Дүнүйелер, сонун буюм,
Дүкөндө турат үйүлүү.
Көрүп турсаң Токмокту,
Күнүгө базар бакылдап,
Уста дүкен бир тарап,
Узанып жатат чакылдап.
Дубаналар, маддалар
Амийин деп кол жайып,
Көчөдө жүрөт какылдап.

Дунгана жүрөт чакырып,
Чырпыктан челек асынып,
Төрт булуңча топусун,
Төбөсинө кийишип,
Чекесин күнгө катырып.
Жүрөт экен эрикпей,
Өз тилинче чакырып.
Араласаң Токмокту,
Ак сарайдуу тамы бар,
Салтанатуу жасанган,
Сарт,ногойдун байы бар.
Саморчуга киргенде,
Ар чайнекте демдеген,
Топтоп турган чайы бар.
Дүнүйөсү дапдаяр,
Базар деген жаны бар.
Алып жесең дүкөндө,
Өрүк,мейиз,жаңгы бар.
Акча болсо аралап,
Ар сонундун баары бар.
Жесең чындап суусатат,
Ашпасында мантуу бар.
Дүкөндөрдү караса,
Болбой ичем дегенде,
Буркуратып мас кылар,
Бозо менен арак бар.
Көлөкөлүү багы бар,

Көрүп жүрүп караса,
Жалгыз адам жаны жок,
Мунан башка сонундун
Самагандын баары бар.
Кайсы бирин айтайын,
Карап турса дүкөндө,
Катар-катар жыйылуу,
Аркан менен кабы бар.
Мал базарын карасаң,
Наркы чети болуптур
Кой базарга жыкылдап,
Кыргыз,казак толуптур.
Чыр чатакты таярга,
Алып келип орустан,
Кереднеч коюптур.
Күнде базар мал кирип,
Жылкы десең жорго бар.
Арзан баасы не керек,
Теңге болсо мал да бар.
Сыйыр деген жол бербейт,
Акча болсо колунда,
Басып жүрүп барысын,
Алам десең кой дебейт.
Жылкы десең койдон көп,
Арзан айтып сураган,
Ар уруктан чогулган,

Алып сатар мындан көп.
Куйруктарын түйдүрүп,
Ат бүткөндү чубатар.
Асыл малдын баарысын,
Акча деген курусун,
Арзан баага суратар.
Канча жакшы аттарды,
Тандамалын аларсың,
Салып берсең колуна,
Жыйырма сом акчаны,
Базар барсаң мал арзан,
Теңгең болсо аларсың.
Сүйгөнүңдүн баарысын,
Аламын деп санасаң,
Баалуудан бачайы,
Байкап турсаң дүкөндө,
Бейкасамдар жайылуу.
Намангендин көк чепкен,
Этек жеңин карасаң,
Машинеге ыңгайлуу, салуулу.
Кундуз десең түлкү бар,
Кыйгач түрүп киерге,
Кыргак калпак бөркү бар.
Кыз балага кымкаптан,
Ат жабдыгы дагы бар.
Бары бедел турбайбы,

Базар деген жаңы бар,
Кылыч,мылтык,барденке,
Эр жабдыгы дагы бар.
Бары белен турбайбы
Базар деген жаңыбар.
Кең Чуй ата өзөнү,
Кенен болот турбайбы.
Калкы жыртун карасаң,
Калың элет экен гой.
Кара таруу,буудайы,
Бурчак менен жугөрү
Бул кылууга баарысы.
Жарды дебей бай дебей,
Көп айдаган бедени.
Ар эгиндин уругу
Арбын экен жаңыбар,
Кара куурай зыгыры,
Салып туруп зоотко,
Сыгып алар майы бар.
Кытай конок ,кунжуту,
Уруктары дагы бар:

Дунганада,оруста,
Адам жээр тамактан,
Ар уруктун баары бар.
Картөшкө менен шалганы,
Араласаң жол бербес,
Алча менен алманы.

Арбын экен көбүнчө,
Бышыкчылык кезинде,
Өрүк менен шабдаалы.
Жийдеси бар, тыты бар,
Алмурут деп бир жемиш,
Жаңы чыкты ушулар.
Мисте менен бадамы,
Капта турат жайылуу,
Топтоголок жаңгагы.
Дунганада бар экен,
Лапша деген бир жемиш,
Сабиз, бияз, туруптур,
Куруч басып жесеңиз.
Калемпири, мурчу бар,
Ачуу болот түгөнгүр,
Ашка салса курчу бар.
Кызыл алма багында,
Барып көрсөң базарда.
Дүнүйөсү жанында.
Куз убакты бүлгондо,
Жер жемиштин баарысы,
Казан болуп толгондо.
Жузум менен анары,
Бышыкчылык маалында,
Булу жеңил кадагы.
Коон менен дарбызы,
Арзанчылык кезинде,

Бир тыйынга жалгызы.
Ашкабагы,бадыраң,
Арбын экен баарысы.
Бир тыйынга экиден,
Алмалардын сарысы.
Арабада коону,
Алты тыйын,беш тыйын,
Дарбызынын жоону.
Кузгө жакын болгондо,
Кыйын экен артыкча
Чуй элиниңдоору.
Далаадагы жемиши,
Карагаты булдуркөн,
Кожогаты чийеси.
Данкуурай дейт бир жемиш,
Татканым жок,көрбөдүм,
Жерге чыккан мөвөсү.
Көктөмдөгү жемиши,
Тизе бою текейи,
Мандалактын семизи.
Ышкын менен сарымсак,
Белден өтүп буралып,
Айдагандай тегизи.
Балтырканы билектей,
Балжууранын карасаң,
Жалбырагы этектей.
Козу кулак,кымыздык,

Коктудагы ычкырдык.
Бул катары жемиши,
Жерде жатат тезектей.
Абайласаң, жигиттер,
Жер суусун ун ~~муролу~~ чурогу.
Ою менен т оосунда,
Калың арча, карагай,
Жыгачынын кенени.
Издеп журсө табылар,
Ар адамдын өзүнө
Буюм кылар кереги.
Ыргай менен табылгы,
Карап журсөң табасың,
Жады куурай карандыс,
Жер чөбүнөн дарыны.
Катыраңкы, долоно,
Аса, муса, саржыгач,
Кайың менен четинди,
Кашаа кылар короого.
Кең Чүй ата жарыктык
Дүнүйөсү төгүлүү.
Мал аралап журө алгыс,
Чыккан чөптүн өнүмү.
Жалбырагы манектей
Кара куурай, сүтүкөн,
Кузгө маал болгондо,
Кулкайыры желектей.

Камыш менен жекени,
Карап турса калыңы,
Эгип алган теректей.
Байчечекей ыраңы,
Ууу коргошун, ак кодол,
Малга өтө залалы.
Боз караган, жылгыны,
Алты канат ит мурун,
Коен томук, көкжантак,
Карап турса ой тоосу,
Катуу кара шилбени.
Чычырканак, сөгөту,
Ак чечектей жыгачы,
Ар буюмга керектуу,
Сагыз куурай, чекенде,
Ак куурайы билектей.
Кендирлери буралып,
Келеп кылган жибектей.
Топчу куурай, камгагы,
Ак тикени уйгагы,
Алабата шыраалжын,
Кара бургөн төө куйрук,
Калың экен бу дагы.
Какым-кукум, төө таман,
Улар бияз, жер чайдан.
Дары кылар чөптөрун,

Издеп табар ар кайдан.
Тегерек баш сар куурай,
Чачыраткы,ак куурай,
Атын билбейм канчалык,
Ар бир түрлүү көп куурай.
Адырашман ыкшары,
Аткулагы,чалканы,
Кызыл куурай,чогойно,
Коко тикен,чырмоогу,
Айдагандай чыкканы.
Тоода ажу балдырган,
Топчу башы жөргөмүш,
Сары шимуур,көк шимуур,
Шимип жаткан калдыркан.
Кызыл мыя,жалбызы,
Жылтырганы,шыбагы,
Чыккан чөбү кызыл от,
Чийе менен камышы.
Түлкү куурай мийбеги,
Белге чыгат буралып,
Бетегеси,көдөөсү,
Ажырык чөп шибери,
Каракыяк,буудайык
Айдап алган бедени.
Чытыр менен таргылы,
Көрсөк чирче,жөрмөгү,
Көтү боштун көптүгү.

13.

Айта берсе батбаган,
Адам атын таппаган,
Эчтеме жок тегеле,
Чуй ичине чыкбаган.
Тогуз төбө,теңге чөп,
Толуп жаткан андан көп,
Адам атын укпаган.
Жалбырагы дагы бар,
Доңуз сырты, улар от,
Турлуу чөптүн баары бар.
Чекилдеги чырышы,
Сасык тана,согону
Куу кылуучу куурайы,
Тоога чыккан бурчагы,
Мал жээрге кереги.
Кызгалдагы кызарып,
Кыздай болуп буралып,
Айта берсем Чуй бою,
Арбын болор эрмеги.
Көктөмөдө кубулган,
Кан ча турдуу гүлдөру.
Кызыл,жашыл,сарала,
Байчечекей турлөру.
Көбургөнүн көрсөңүз,
Айдагандай ээси.
Жайлоосунда чемирчек,
Ак кокосу аштыктай,

14.

Чыккан чөптүн дарысы.
Тоога чыккан кемпир чач,
Чекилдектей мүнөзү.
Меңдубана шуудурап,
Суюга чыккан жанузак,
Дары болор барысы.
Калың болор эрмени,
Карга тырмак терсеги,
Арбын экен жашыл чөп,
Айтпаске чара жок,
Нанга салар сирени.
Көкөмерен жбасын,
Баары жандар билгени,
Мамиренин дарысын.
Байда кылды кудайым
Чүй ичинде барысын.
Жери кенен дарысы,
Тиккен багы мөвөсү
Терек,кара жыгачы,
Айдап алса эгини
Бышбай калбайт дебейсиң,
Жаздымы жок белени.
Куручунун курмөгү,
Даны толук бурчактай,
Маш уругу ураны.
Кызыл конок,арпасы,
Жыланач арпа кемчил бейм,

15.

Магзымы, жармасы
Кыйын бышар тамеки
Ысык болот артыкча,
Чуй боюнун жакасы.
Көрсөң калың сулуулуну,
Арбын экен оруста,
Кунгө багар уругу.
Айдап алып көк нарды,
Апийимин көп алды,
Капустасын бышырып,
Бое казып чыгарды.
Кең Чуй ата жаныбар,
Келиштирип сүйлөсөм,
Керектуунун баары бар.
Таш бышырган ташы бар,
Акиташтын уусу бар,
Кен орногон тоосу бар,
Керек десең жошо бар.
Көктөмөсү көгөрөр
Көрөр болсоң жаңандар,
Кузге маал болгондо,
Берекеси көбөйөр.
Бышыкчылык кезинде,
Жер жемиштин баарысы,
Жер устүнө чыкканда
Саратаны чакырып,

16.

Сары тамыз учканда,
Ыркыраган сайгагы,
Чымын менен чиркейи,
Үйгө толуп жыкылдап,
Бөгөнөгү, бургеси,
Мийзам болуп учканы.
Бетиңизге оролор,
Жөргөмуштун желеси.
Кең Чуй ата жакасы,
Чардап жаткан бакасы.
Ийнелиги, көгөөнү,
Кенен экен өзгөчө,
Кылкылдаган өзөнү.
Кара сууда кундузу,
Тоосундагы аңдары,
Кызыл карсак түлкусу.
Арбын болот карышкыр,
Аюу, каман, илбирси.
Шумөңдөгөн чөөлөрү,
Тай- сулөсүн, суусары,
Аска зоода секирсе,
Тайгылбаган кубаары.
Ач күсөнү, тейини,
Арбын болор бөкөнү.
Кашкулагы, мадылы,
Карап турса аңкыштап,

Суурунун арбыны.
Кең Чүй ата жаныбар,
Кенен экен өрөөну.
Абайласаң жеринде,
Ар жаныбар уругу.
Аска, зоодан алынган,
Суусунун тунугу.
Тандап атып алгыдай,
Далаасында элиги.
Бугу, марал мындан көп,
Жер жайнаган кийиги.
Булу жуз сом муйузу,
Бугусунун башында.
Эчки, теке жайылар,
Тайгаланбай ташына.
Аркар менен кулжасы,
Атып алса кузундө,
Уйдукундай жамбашы.
Коёндору козудай,
Андасаңыз абайлап,
Коондору сокудай.
Байкап турса суусунда,
Балыктары манектей.
Заарканат көргөндө,
Сар жыланы билектей.
Карап турсаң тугөнгүр,
Кара курту көмурдөй.

Курт, кумурска, чаян, бөй,
Көпчулугу эсепсиз,
Тилингени билинбей.
Сары жылан, чаяны,
Анча арбын болсо да,
Адамга жок зыяны.
Туктуу сары жону бар,
Музоо баштын ураны,
Кескелдирик дагы бар,
Узундыгы бир карыш,
Бу да сонун жаныбар.
Ар жаныбар уругу,
Чүйдө болот турбайбы.
Айканым дыңбаагы чын,
Жалган кепти кылбайлы.
Молдо Кылыч бечара,
Көрбөгөнүн сурады.
Кудуретин куп билем,
Кең Чүй ата жаныбар,
Кең-кесирү жер экен.
Абайласаң жеринде,
Ар жаныбар молу бар.
Изгырылып сайраган,
Чегирткенин уну бар.
Тикенектей сайылган,
Жер кирпинин учу бар.
Кирпичечен өзү бар,
Шибегедей шиши бар,

Арчычканын карасаң,
Иттикиндей тиши бар.
Карап турса капкара,
Конуздары муштумдай,
Сар жыландын чондугу,
Жаш баланы жуткандай.
Чегирткеси сакадай,
Көпөлөктүн чондугу,
Көйнөгүнө салдырган,
Кадим алка жакадай.
Жөөлжаны,сулуу,
Жаачы,ала кулуу,
Отко тушкен парвана,
Ар жандар бөлөгү,
Жаны курбан алалга,
Ташбакасы далбайып,
Көл бакасын карасаң,
Жан аяктай жалпайып.
Суусундагы суу жылан,
Сонун болот көрсөңиз,
Кара кылдай кыл жылан.
Тиктеп турсаң, жигиттер,
Сонун эле жер экен,
Ушулардын баарысы,
Айтканымдай эп экен.
Канаттууда аяктуу,
Карап турсаң акыры,

Илбесини көп экен,
Каркырасы,тоодагы,
Көктөмөдө көрөсүң,
Чуркураган турнаны.
Каркылдаган каздары,
Өрдөк менен сонору,
Кара суу быкылдап,
Учуп;конуп жатканы.
Кызыл короз бозтеги,
Каракуназ,бир казан
Сууну бойлой кечкени.
Дарылдаган тартары,
Мойну кулач көк кытан,
Суудан балык алганы.
Ак чардагы,чулдугу,
Калың болор ченемсиз
Кара карга уругу.
Тоосундагы улары,
Арбын болор кекилик,
Айры куйрук,кулалы,
Башы кызыл каракур,
Билем десең,жигиттер,
Бир турлуу жан мына бул.
Чыргыттаган чили бар,
Көгүчкөндүн көптүрү,
Сары Чүйдин ичинде

Бөдөнөнүн кени бар.
Белгилуу куш безбелдек,
Калың экен жеринде.
Кара сууда кашкалдак:
Көк каргасы,кукугу,
Көрсөң көзү кыпкызыл,
Бабырганы,укуну,
Жазгы келген доору,
Канаттуунун улкөну,
Кара буркут жоруну,
Ала карга кузгуну,
Кызыл тумшук сагызган,
Кыжылдаган тукуму.
Тазкарасы,аксагы,
Тун ичинде сайраган,
Алагуусу, итагы,
Жорго тоодак,бактеги,
Ар бир урук жаныбар,
Илбесиндин көптүгү.
Канаттуунун кыраны
Толуп жатат тоосунда
Тунжур,кумпай,куйкөсү
Туйгун менен тынары.
Турумтайы мыкыйы,
Ителгиде ылачын,
Жагалмайы,кыргыйы,

Чүйлү менен кушу бар,
Кыябына келтирсе,
Кыран болор шумкары.
Аңыр менен кара каз,
Сазга конгон ызгычы,
Орок тумшук кажы,
Издегенде табасың,
Ар жандардан баарыны.
Суу бойлогон суу буркут,
Тармалжындын ичинде,
Аты кара чакылдак.
Кулалыдай өрүгөн,
Базардагы канаттуу,
Басып жүргөн аяктуу,
Кызыл-жашыл күбүлгөн,
Тоту куштун жүнү бар.
„Эчкиге сарт сатсам" деп,
Бир чымчыктын үнү бар.
Америкендин тоогу,
Ала чаар түгү бар.
Агалалуу көк кептер,
Көкүчкөндөй топтошуп,
Асманга учуп дүркүрөп,
Бакма өрдөк, казы бар.
Күрп деген бир башка,
Кара боор кыл куйрук,
Далай куштун учкулу.

Канча турдуу чымчыктар,
Чүйдө калың тукуму.
Чабиекей,куркулдай,
Ыйык болот турбайбы,
Карагачы,боз торгой,
Аят айтып сайраган,
Куркулдайдын уясы,
Уяндыгы абыдан,
Тепме чепкен биязы.
Бакта булбул сайрашып,
Андасаңыз жаныбар,
Арген сандык аваазы.
Чакчыгайы чакылдап,
Ала дуңга,чыйпылдак,
Эчки маарак бакылдак,
Сай сагызган шакылдак,
Илип алат майкөтү,
Куш кенеси таканак.
Кең Чүй ата жаныбар,
Карача торгой,жарганат,
Боз таркылдак,короолу,
Бурма моюн дагы бар.
Котурапей тарагыч,
Адам аты н таппаган,
Канча-кача чымчыктар,
"Эжеке бээ саа" дегени,

Чымчык уну угулар.
Ала борбаш,көкшалкы,
Арбын экен көбүнчө,
Кара чымчык,сарайгыр,
Кызыл куйрук сарбарпы.
Ала чыркычык асылы,
Чекирткенин душманы.
Сопол кара суйротки,
Суудан балык алганы.
Жылкы жандап журуучу,
Көк жылкычы кучкачы,
Калың болот кара каш,
Эр сынардынжолдошу,
Кең Чуй ата жарыктык,
Чындап жакшы болгондо,
Чын куранда көктөму,
Кыштын куну жакасы,
Тизе бою кар болуп,
Кыйын болот суугу.
Зампарлаган туманы,
Үч ай-төрт ай кышы бар,
Кары кетип калган соң,
Алысындап чөп чыгар.
Көктөмөгө барабар,
Башкы жагын карасаң,
Кичи Кемин,Чоң Кемин,

Кең Кочкордун суусу,
Кайчыгайдан кошулуп,
Төмөн карай киргени.
Эки Кемин далаасы,
Эр Шабдандын өрөнү.
Беркташ ата учугу,
Текеликтин сеңири.
Кулду казак жердеген,
Күңгөй жакы жерине.
Карабалта куйганы,
Аяк жакы жери ушул,
Тескей жакы тарабы,
Тамам кыргыз ураяны.
Билер болсоң мына ушул,
Тамок, Бишкек калаасы.

Тамам.

Молдо Кылыч Чуй өзөнү

Инв. номер 327

Кир. ФАН СССР
20/X-56г.

1.

ЗИЛЗИЛА

инв нрмер 327.

Абалы сөзүм бисмилла,
Айта берсек сөз мында,
Кеп чыгардым жаңыдан
Келгин өрдөк биз турна.
Китептерде бир болжол,
Коркунуч болор жуз жылда.
Нур Мукамет пайгамбар,
Хмуткербиз кеп жандар,
Ойлоп кара артыңды,
Аксакалдуу каргандар.
Көруп келдиң далайды,
Узак жашап баргандар.
Сонун иштер кебейду,
Сөзгө кулак салгандар.
Илгеркилер бир борум,
Өз аркинче болгонун,
Зар заманга суйлөдүм,
Борумдарын болжолун.
Алла таала ар ишти,
Өзүң тузеп өндогун.
Бу замана турлөнду,
Жер силкинип термелди.
Калкылдаган асман жер,
Бузулуп кетер өндөнду.

2.

Санаага келбес иш болду,
Сакта кудай бендечди.
Тоо бузулуп таш кулап,
Жер жарылып,жар нурап,
Ит буткендун баарысы,
Улуп-учшуп чуркурап.
Жан алгуучу келердей,
Чочуп турдук зыркырап.
Кудай өзу сактасын,
Асман,жерлер бузулуп,
Кетеби деп быркырап.
Матоодо тее бышкырып,
Ат кишенеп кошкуруп.
Таш короолор калдырап,
Эчки койдун баарысы,
Уркуп чыкты чучкуруп.
Желеде уйлар өнгурөп,
Байлаган жиби үзүлүп,
Өкүмү күчтүү кудайдын
Өткөрө чон иш болду.
Өлүмдү эске түшүрүп.
Алданып иши ушундай,
Аманат бенде курусун,
Акыл жетпес караса,
Кудуреттин жумун.
Жер дүйнөнү түйлатып,
Көрдүнбү мындай кылышын.

3. 4.

Добуш тартып дурулдеп,
Жанын чыгып зирилдеп,
Өлумден башка ойлобой,
Акылын кетти бириндеп.
А... кудайлап жалбарып,
Алда кандай болор деп,
Уктаган балдар ойгонду,
Шйлабай өзу сооронду.
Алда кандай жорук деп,
Эси чыгып жаш балдар,
Булар дагы ойлонду.
Жан жаныбар макулук,
Чочубастан койбоду.
Туурда куштар талпынып,
Ат кошкуруп алканып,
Адам кантип коркпосун,
Акылы башта бар туруп.
Мына мындай өнденген,
Мындай жорук ким керген.
Билгенге айткан бул сөзум,
Битине жорук бендеден,
Адетте болбос мынчалык,
Жер кыймылдап термелген,
Жараткан алла кудурет,
Бендеге кылган айбаты,
Ай тутулуп жарытмак
Кун кетилип нур таймак.

Куйруктуу жылдыз кеп чыгып,
Асмандагы ай,кунду,
Бетин жаап кир чалмак.
Адам заттын шумунан,
Анты,шерти убада
Баары кетти жалтайлап.
Эл кыдырды кожолор,
Амал кылбай молдолор.
Адам акын кеп жеди,
Турлуу турлуу бенделер.
Кууланган жорук кебейду,
Кудайдан башка ким билер.
Акыретке барганда,
Адам уулу тергелер.
Бенденин кылган кунесун,
Өзу турган жер керер.
Адистен уккан бул сөзум,
Адам бенде шумунан,
Кара жер минтип термелер.
Кайсы сөзум айтайын,
Карап турчу бенделер.
Жан аманат болгон сон,
Инсап кылсак оңолор.
Каршылык кыл деп китепте,
Кайсы молдо жол берер?
Ыйман жайын билбеген,
Ибилиске кол берер.

5.

Насипке кылсаң канаат,
Ыйманың болор саламат.
Сынап турчу жарандар,
Зилзила болгон аманат.
Жер чайкалып туйламак,
Там жыгылып куламак.
Далай адам зар кагып,
Кайгы тартып куурамак.
Чуйдун башы чон Кемин,
Мен айтайын билгеним.
Аныk билген адамдар,
Айтып берди кергенун.
Уч жуздон кеп киши деп,
Жери нурап елгенун.
Там жыгылып баскандын,
Олугун алып кемгенун.
Санаага келбес иш болду,
Заманды корчу турлерун.
Биздер бала жаш чакта,
Жер чайпалмак бар эле,
Билген адам билбесе,
Бул амне болду деп,
Билбегендер кеп эле.
Там жыгылып жер кечкен,
Мындай жорук жок эле.
Ушу жылкы зилзила,
Бара бар келди баарына.

Адам бенде курусун,
Башка коркунч келген сон,
Ьаарыдан ширин жан тура.
Тамам жандар ойгонуп,
Ьарды кезу уйкуга.
Жыгач уйлер карчылдап,
Жер дүңгүрөп тарсылдап,
Кагылайын кудай деп,
Каран турдук калтылдап.
Ьир жагынан ит уруп,
Улуп-ушуп арсылдап,
Жер бузулуп кетер деп,
Чочуп турдук калкылдап.
Ушу жолку эилзила
Ойлосоңуз жаранлар,
Айбаты кыйын керунду.
Жан жаныбар макулук,
Бир жанынан тукулду.
Тамда жаткан адамдар,
Ала качып ез башын,
Жыладач чыга жугурду.
Абайлачы жигиттер,
Ушу сезум тегунбу?
Катыны жатса карабай,
Балаларын эстебей,
Далай адам жыланач,
Чыккан экен чидабай.

Адам бенде курусун,
Акыл эсти курутуп,
Коркутпачы кудай ай.
Таш кулады там тургай,
Жер жарылды ал тургай.
Канча жанды тоо басты,
Бирде бирин калтырбай.
Алигече эстесе,
Журек турат солкулдай.
Чочутпады да болсо,
Чоң Кеминдин калкынай.
Миң шугурлук кудайга,
Сактады бизди ушундай.
Куп жакшылык болду да
Коркунуч бизге керунду,
Залалы болуп кудайай.
Санаабыз жаман белунду,
Казан аяк калдырап,
Кумганда суу тегулду.
Кайсы бирин айтайын,
Ойлодук кыйын елумду.
Оюңуздан тушурбе,
Өкуму кучтуу теңирди.
Чуйдун башы Чоң Кемин,
Тоо жарылган жерлерин,
Жер кечкунун жургенун.
Беткейдеги карагай,

8. 9.

Жери менен жылганын.
Байкап турчу жарандар,
Кудуреттин кылганын.
Канча жанды жер басты,
Андан салган ажалын.
Талкаланды там уйлер,
Далаадагы жандардын,
Не болганын ким билди.
Ажалы жок жандарга,
Алда таала жол берет.
Ороодогу эгинди,
Жер жарылып житирди.
Капчыгайдан таш кулап,
Кара жолду бутурду.
Тескейдеги жыгачты,
Орду менен кечурду.
Тоо жарылып токтобой,
Аска таштар бузулду.
Ажалы жок адамдар,
Аман качып кутулду.
Кудуреттин иши кеп,
Ойлоп керчу ушуну.
Айта берсем кеп жатыр,
Бул ендонген кыгызын.
Тешектегу адамдын,
Бири елуп бири бар.
Кайда болсо алаамат,
Аалдууга жолугар.

Там жыгылып, таш тийсе,
Адамдын кайсы алы бар.
Бешиктеги бир бала,1/
Талкаланды бешиги,
Тобокелди кылынар,
Бул сыяктуу сонундан,
Айта берсе дагы бар.
Солкулдады Чоң Кемин,
Кунгейдегу Байсоорун,
Там жыгылып, таш басып,
Далай жандын өлгөнун,
Айтып берди кергөнун.
Бир канча жер жарылып,
Ысык көлгө киргенин.
Ынанбасаң барып кер,
Муну жалган дебегин.
Аламаттын белгиси,
Ойлосоңуз жарандар,
Акыр заман шумдугу,
Кара дажаал жакуждар,
Чыгар болжол болдубу.
Китептерде мазмуну,

1/ Токмоктон жуз чакырым, Кеминде Далпырандын башынан жантай-Аюуке уругу, Дөөткул Токтомыт уулунун бешиктеги баласы кулаган аска таш уйду учуруп, 40 саржан жерге тушуп бешик сынып бала аман калган.

10.

Келип туран чындыгы,
Же болбосо кудайым,
Бизге айбат кылдыбы!
Жер силкинип туйламак,
Жер силкинип быркырап,
Шондон бери зилзила,
Адетте жок туйлады,
Андан мурун эки жыл,
Бир канчалык чайкалды,
Кыйын болду ал дагы,
Тешектегу адамды,
Калбырдай кылып ыргады.
Андан сонгу Кашкардан,
Далай кыштак кыйрады.
Жер дуйнену силкинтип,
Жараткандын барманы.
Улкендугун кергезуп,
Адетте болгон иш болсо,
Коркпос элек ойлонуп,
Кербегенге чыдабас,
Кезу туюк бенденин,
Сактап турар барчаны,
Тенирим езу дем берип.
Ырыскы менен насипти,
Чыгарып турар бир берип.
Алалдыкты кергезуп,
Акылдууга жен берип.

Жерге зынат болсун деп,
Кек шиберден ен берип,
Айбат кылып адамга,
Ар бир убак кара жер,
Калкылдады тербелип.
Алда таала ишин кер,
Асман жердин тиреесун,
Акыл жетип турсада,
Адам бенде унооcуз,
Арщы курси пужкалам,
Бар акенин билесиз.
Маанилерин сурасан,
Сез болмайды жуйесуз.
Ушу турган жер асман,
Кунду керсек чырактан,
Айды жарык жаратты,
Жузу жарык рошан.
Айтып берер молдолор,
Жакшы байкап сурасан.
Ыйманында кубат бар,
Айтканына ынансан.
Ынанбасан елумге,
Барбай койчу чыдасан,
Жер тууралы суйледум,
Кайсы кепке баратам.
Буда жаман сез эмес,

Баарын ишке жаратам.
Асманда бар бериште,
Аузи косар бейиште.
Буйрук кылды адамга,
Кара жерге журушке.
Акыл жетип болбоду,
Наркы тубун билишке.
Бендесине лайык
Кудуретинен корушке.
Айран калып турабыз,
Жер силкиниц журуште.
Сабыр берсин бендеге,
Салса кудай ар ишке.
Чоц анжыяу, чоц Кашкар,
Зилзиладанбузулду.
Алы жок адамдар,
Чыга качып кутулду.
Тагдыр жеткен бенделер,
Тамда калып тутулду.
Беш алты жыл ичинде
Бир аламат баштанар.
Байкап корчу ушуну,
Солкулдады кара жер.
Акылдуу жан биле кер,
Ыйманы бар эр болсоц,
Инсап менен журе кер.

Барча момун дин ислам,
Байка сезду Кылычтан.
Он сегиз мин бу аалам,
Орду мына жер асман.
Сегиз бейиш жаннатты,
Ракматынан жараткан.
Капыр шайтан малгунду,
Дозогуна караткан.
Дее пери адамды,
Бу дуйнеге тараткан.
Кара жерди силкинтип,
Баары жанды чыдаткан.
Буйрук кылса кудайым,
Тоону ташты кулаткан.
Алматыны,Кашкарды,
Абал мындан баштады.
Анжыянды зилзила,
Булундуруп таштады.
Суйлебейлу кудайдын,
Кудуретинен башканы.
Баары туташ кара жер,
Муну байкап биле кер,
Жер силкинсе бир жерге
Билбей калар башка эл.
Кудуретине тан калып,
Караткандын ишин кер.

14.

Он сегиз мин бу аалам,
Жамгыр тушор авадан,
Акыл жетпес иштер кеп,
Бары буйрук кудайдан.
Ар макулук жандарга
Насип жетер агемден.
Жаркыраган кун асман,
Устубузде когерген,
Бары макулук мугалак,
Кудуретине суйенген.
Асман-жерлер танапсыз,
Бир бирине жоленген.
Анан наркы тубуне,
Ойлоп акыл тугенген.
Ойлоп акыл жеткизбей,
Айран азыр калдырып,
Кара сууну шам кылды,
Карангыга жандырып.
Канаттууну чыгарды,
Жумурткадан жардырып.
Кудуретине карагын,
Акылынды бардырып.
Ойлосонуз кетпениз,
Тобонуздан жанылып.
Адетте жок иш болор,
Адам бейли бузулса.

Озубузден кәрелук.
Береке курттан кысылса.
Адеттеги иш эмес.
Ай менен кун тутулса.
Бул эмне иш болду.
Кудуретине садага.
Кактарылып кара жер,
Кечку журген не жорук.
Ойлоп акыл жеталбас,
Тобокелде бололук.
Тоого буткен жыгачтар,
Тузге барып жамалып.
Кандай жорук кудай ай,
Инсап топук кылалык.
Жердегеним кен Кочкор,
Аяк жагы Семиз бел,
Нар жагына карасан,
Мелтиреген Ысык Көл.
Жер силкинип жарылды,
Байсоорынды барып кәр.
Зилзиладан чочуду,
Жаны чыгып далай эл.
Чочуганда кантебиз,
Сакта кудай тобокел.
Чон Кеминде бузулду,
Ою-тоосу канча жер.

Жалпы журтка кудайым,
Жакшылыкты бере кер.
Дин мусулман агайын,
Сактагуучу кудайым.
Акыр заман белгиси,
Сизге баян кылайын.
Китептерде сезу бар,
Ынанбасаң табайын.
Заман андай болмогу,
Ар сонундун иш чыгар,
Жерге бузук толмогу,
Ар сонундун иш чыгар,
Мына ушул болколу.
Былкылдабас кара жер,
Азоо аттай туйлады.
Сонун иштер көп болду,
Шумдугунан бенденин.
Алалдыкка арзыбай,
Сутке кылар сооданы.
Ырыскыга мал чачып,
Журтуң кылды кооганы.
Устубузде асман көк,
Айы бирее, жылдыз көп,
Күн чыкканда түн кетер,
Мунун жолу бир бөлөк.
Адеттеги иштер бул,

Ар жаныбар тәлдемек.
Ушул акыр замана,
Жер силкинип туйламак.
Кудуретине таң калып,
Турар көзуң алайып.
Айтып өттуп далай сөз,
Акыр заман журтуна.
Калкылдады кара жер,
Качан болсо уйкуда.
Канча кепти суйледум,
Бир чыкпадым учуна.
Болду мына бу сөзум,
Буткөрөйун кунөсун.
Молдо Кылыч бечара,
Акыр бир кун кетесиң.
Өзуңузду байканыз,
Элди журтту нетесиң.
Тобо кылсаң кунөгө,
Даражага жетесиң.
Көруп келе жатабыз,
Өлгөндөрдун нечесин.
Өмуруңчө суйлөдуң,
Кайсы бирге тутөсуң.
Канча казал чыгардың,
Кайдан журуп жетесиң.

Инв. № 327 (8)
23/X-56
Ин-т МАН СССР

ЧҮЙ ӨЗӨНҮ

16.

Мен айтамын санатты,
Жерим Кочкор далаасы,
Каралалап көп жаздым,
Журтум кыргыз арасы.
Канча түрлүү кагазды.
Темир Ьолот болушум,
Ушу Кочкок калааны,
Бишкекиский уйезу.
Келип капыр үй кылды,
Эли журтум черикчи,
Жылгын башы далааны.
Ушу сезум ырасы,
Карыы терши көп салды,
Торетелди бабабыз,
Карагалга арааны
Журтка кеткен абазы.
Ойду тоону курутту,
Айыл кербей ондоп кой,
Орус деген журт экен,
Болсо сезум чаласы.
Кылын экен жоругу.
Тамам болду акыры,
Малай кылды го кыргызды,
Бул сезумдун чамасы.
Тил билгендин баарысын,
Кенселерге тургузду.
Күнекерди күшкүлөп,
Набактыга киргизди.
Болуш коюп, бий шайлан,
Элге борум билгизди.
Жылгын башы далааны,
Жылгындагы кеп экен.
Айыл конуп илгери,
Жылкы салчу жер экен.
Эми калай орнолу,
Бал алгы бааркын,
Ат чагандай болгоду.
Тикжен баш тереги,
Тикжен турса кдаркы,
Эсен жетер болбоду.

Инв. № 32Г(д)
23/X-56г
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

ЧҮЙ ӨЗӨНҮ

Мен айтамын санатты,
Каралалап көп жаздым,
Канча түрлүү кагазды.
Ушу Токмок калааны,
Келип капыр үй кылды,
Жылгын башы далааны.
Каршы терши көп салды,
Карагайга арааны
Ойду тоону курутту,
Орус деген журт экен,
Кыйын экен жоругу.
Малай кылды го кыргызды,
Тил билгендин баарысын,
Кенселерге тургузду.
Күнекерди күшкүштеп,
Набактыга киргизди.
Болуш коюп, бий шайлан,
Элге борум билгизди.
Жылгын башы далааны,
Жылгындагы көп экен.
Айыл конуп илгери,
Жылкы салчу жер экен.
Эми калаа орноду,
Баш аягы базардын,
Ат чабымдай болжоду.
Тиккен багы тереги,
Тиктеп турса адамын,
Эсеп жетер болбоду.

Токмок шаары толуптур,
Ар уруктан көп келип,
Толгон базар болуптур.
Дунгананын барысы,
Мандайына чыгыптыр.
Кара конуз керүүнү - кечүүнү
Калың шаар кылыптыр.
Абаласаң Токмоктон,
Эки жерде орусу.
Какол менен мужуктун,
Барынын бир-болушу.
Кызыл суу менен Шамшыны
Эгин жайы кылганы.
Отор барган жылкыдай
Орустардын уйлары.
Өгүздөрү дебедей,
Кудай бетин көргөзбө!
Каколдору төрөдөй
Колго баккан малындай,
Чочкаларын карачы!
Ээрчип жүрөт чубуруп;
Энесинин артынан,
Он экиден баласы.
Ушунетип орусун,
Ит чочкону мал кылды,
Билбегени эмесби,
Буттарына табынды.
Токмоктун калың орусу,

Топтон чочко донузу.
Базарына карачы!
Бастырып жүрсө жол бербейт,
Арабасы - чанасы.
Дүкөнгө кирип карасаң,
Дүнүйеси сонуну,
Аңкайып карап турасың,
Адамдын жетпейт санаасы.
Жакалудан чапан бар,
Жыйып койгон жүгүндөй,
Кездеме менен мата бар.
Булгары десең жыйылуу,
Дүнүйелер сонун бул,
Дүкөндө турат үйүлүү
Көрүп турсаң Токмокту,
Күнүгө базар бакылдап,
Уста дүкен бир тарап,
Узанып жатат чакылдап.
Дубаналар малдалар
Амийин деп кол жайып,
Кечеде жүрөт какылдап.
Дунгана жүрөт чакырып,
Чырпыктан челек асынып,
Төрт булуңча топусун,
Тебесине кийишип,
Чекесин күнгө катырып.
Жүрөт экен эрикпей,

Өз тилинче чакырып.
Араласаң Токмокту,
Ак сарайдуу тамы бар,
Салтанаттуу жасанган,
Сарт, ногойдун байы бар.
Саморчуга киргенде,
Ар чайнекте демдеген,
Топтоп турган чайы бар.
Алып жесең дүкенде,
Өрүк, мейиз, канты бар.
Акча болсо аралап,
Ар сонундун баары бар.
Жесең чындап суусатат,
Ашпасында мантуу бар.
Дүкендерди караса,
Болбой ичем дегенде,
Буркуратып мас кылар, 100
Бозо менен арак бар.
Көлекелүү багы бар,
Көрүп жүрүп караса,
Жалгыз адам жаны жок,
Мунан башка сонундун
Самагандын баары бар.
Кайсы бирин айтайын,
Карап турса дүкөндө,
Катар-катар жыйылуу,
Аркан менен кабы бар.
Мал базарын карасаң,
Наркы четы болуптур
Кой базарга жыкылдап,
Кыргыз, казак толуптур.

Чыр чатакты таярга,
Алып келип орустан;
Кереднеч коюптур.
Күнде базар мал кирип,
Жылкы десең жорго бар.
Арзан баасы не керек,
Теңге болсо мал да бар.
Сыйыр деген жол бербейт,
Акча болсо колунда,
Басып жүрүп барысын,
Алам десен кой дебейт.
Жылкы десең койдон көп,
Арзан айтып сураган,
Аруруктан чогулган,
Алып сатар мындан көп.
Куйруктарын түйдүрүп,
Ат бүткөндү чубатар.
Асыл малдын баарысын,
Акча деген курусун,
Арзан баага суратар.
Канча жакшы аттарды,
Тандамалын аларсың,
Салып берсең колуна,
Жыйырма сом акчаны,
Базар барсаң мал арзан,
Теңгең болсо аларсың,
Сүйгөнүңдүн баарысын,
Аламын деп санасаң,

Баалуудан бачайы,
Байкап турсаң дүкөндө,
Бейкасамдар жайылуу.
Наманганди көк чепкен,
Этек жеңин карасаң,
Машинеге салуулу.
Кундуз десең түлкү бар,
Кыйгач түрүп киерге,
Кыргак калпак бөркү бар.
Кыз балага кымкаптан,
Ат жабдыгы дагы бар.
Бары белен турбайбы,
Базар деген жаны бар,
Кылыч, мылтык барденке,
Эр жабдыгы дагы бар.
Бары белен турбайбы
Безер деген жаныбар.
Кең Чүй ата өзөнү,
Кенен болот турбайбы.
Калкы жыртун карасаң,
Калың элет экен гоу.
Кара таруу, буудайы,
Бурчак менен жүгөр
Бул кылууга баарысы.
Жарды дебей бай дебей,
Көп айдаган бедени.

Ар эгиндин уругу.
Арбын экен жаныбар,
Кара куурай эыгыры,
Салып туруп зоотко,
Сыгып алар майы бар.
Кытай конок күнжүту,
Уруктары дагы бар.
Дунганада оруста,
Адам жээр тамактан,
Ар уруктун баары бар.
Картөшкө менен шалганы,
Араласаң жол бербес,
Алча менен алманы.
Арбын экен көбүнчө,
Бышыкчылык кезинде,
Өрүк менен шабдаалы.
Жийдеси бар тыты бар,
Алмурут деп бир жемиш,
Жаңы чыкты ушулар.
Мисте менен бадамы,
Капта турат жайылуу,
Топтоголок жаңгагы.
Дунганада бар экен,
Лапша деген жер жемиш,
Сабис бияз түрүптүр,
Күрүч басып жесеңиз.

Калемпири мурчу бар,
Ачуу болот түгөнгүр,
Ашка салса курчу бар.
Кызыл алма багында,
Барып көрсөң базарда.
Дүңүйеси жанында. - 100
Күз убакты биргондо,
Жер жемиштин баарысы,
Казан болуп толгондо.
Жүзүм менен анары,
Бышыкчылык маалында,
Булу женил кадагы.
Коон менен дарбызы,
Арзанчылык кезинде,
Бир тыйынга жалгызы.
Ашкабагы бадыраң,
Арбын экен баарысы.
Бир тыйынга экиден,
Алмалардын сарасы.
Арабада коону,
Алты тыйын, беш тыйын,
Дарбызыныңн жоону.
Күзгө жакын болгондо,
Кыйын экен артыкча
Чүй элининдоору.
Далаадагы жемиши,
Карагаты бүлдүркөн,

Кожогаты чийеси.
Данкуурай дейт бир жемиш,
Татканым жок көрбөдүм,
Жерге чыккан мевесу.
Көктөмдөгү жемиши,
Тизе бою текейи,
Мандалактын семизи.
Ышкын менен сарымсак,
Белден өтүп буралып,
Айдагандай тегизи.
Балтырканы билектей,
Балжууранын карасаң,
Жалөырагы этектей.
Козу кулак, кымыздык,
Коктудагы ычкырдык.
Бул катары жемиши,
Жерде жатат тезектей.
Абайласаң жигиттер,
Жер Суусун ун мүрөлү.
Оң менен тоосунда,
Калың арча карагай,
Жыгачынын кенени.
Издеп жүрсө табылар,
Ар адамдын өзүнө
Буюм кылар кереги.
Ыргай менен табылгы,
Карап жүрсөң табасың,

Жады куурай карандыс,
Жер чөбүнөн дарыны.
Катыранкы долоно,
Аса, муса саржыгач,
Кайың менен четинди,
Кашаа кылар короого.
Кең Чүй ата жарыктык
Дүнүйөсү төгүлүү.
Мал аралап жүрө алгыс,
Чыккан чептүн өнүмү.
Жалбырагы манектей
Кара куурай сүтүкөн,
Күзгө маал болгондо,
Кулкайыры желектей.
Камыш менен жекени,
Карап турса калыңы,
Эгип алган теректей.
Байчечекей раңы,
Уу коргошун ак кодол,
Малга өтө залалы.
Боз караган жылгыны,
Алты канат ит мурун,
Коен томук, көкжантак,
Карап турса ой тоосу,
Катуу кара шилбени.
Чычырканак, сөгөтү,
Ак чечектей жыгачы,

Ар буюмга керектүү,
Сагыз куурай чекенде,
Ак куурайы билектей.
Кендирлери буралып,
Келеп кылган жибектей.
Топчу куурай, камгагы,
Ак тикени уйгагы,
Алабата шыраалжын,
Кара бүргөн төө куйрук,
Калың экен бу дагы.
Какым! кукум төө табан,
Улар бияз жер чайдан.
Дары кылар чөптөрүн,
Издеп табар ар кайдан.
Тегерек баш сар куурай,
Чачыраткы ак куурай,
Атын билбейм канчалык,
Ар бир түрлүү көп куурай.
Адырашман ыкшары,
Аткулагы чалканы,
Кызыл куурай чогойно,
Боко тикен чырмоогу,
Айдагандай чыкканы.
Тоода аюу балдырган,
Топчу башы жөргөмүш, — 155
Сары шимүүр, көк шимүүр,
Шимип жаткан калдыркан.

Кызыл мыя жалбызы,
Жылтыраны шыбагы,
Чыккан чөбү кызыл от,
Чийе менен камышы.
Түлкү куурай мийбеги,
Белге чыгат буралып,
Бетегеси кедөөсү,
Ажырык чөп шибери,
Каракыяк, буудайык.
Айдап алган бедени.
Чытыр менен таргылы,
Көрсөк чирче жермогу,
Көтү боштун көптүгү.
Айта берсе батбаган,
Адам атын таппаган,
Әчтеме жок тегеле,
Чүй ичине чыкбаган.
Тогуз төбө теңге чөп,
Толуп жаткан андан көп,
Адам атын укпаган.
Жалбырагы дагы бар,
Доңуз сырты, улар от,
Түрлүү чөптүн баары бар.
Чекелдеги чырыны,
Сасык тана, согону
Куу кылуучу куурайы,
Тоога чыккан бурчагы,

Мал жээрге кереги.
Кызгалдагы кызарып,
Кыздай болуп буралып,
Айта берсем чүй бою,
Арбын болор эрмеги.
Кектөмөдө кубулган,
Канча түрдүү күлдөрү.
Кызыл, жашыл, сарала,
Байчечекей түрлөрү.
Көбүргөнүн көрсөңүз,
Айдагандай ээси.
Жайлоосунда чемирчек,
Ак кокосу аштыктай,
Чыккан чөптүн дарысы.
Тоога чыккан кемпир чач,
Чекилдектей мүнөзи.
Меңдубана шуудурап,
Сууга чыккан жанузак,
Дары болор барысы.
Калың болор эрмени,
Карга тырмак терсеги,
Арбын экен жашыл чөп,
Айтпаска чара жок,
Нанга салар сирени.
Көкө мерен юбасын,
Баары жандар билгени,
Мамиренин дарысын.

Байда кылды кудайым
Чүй ичинде барысын.
Жери кенен дарысы,
Тикенен багы мевеси
Терек кара жыгачы,
Айдап алса эгини
Бышбай калбайт дебейсиң,
Жаздымы жок белени.
Күрүчүнүн күрмөгү,
Даны толук бурчактай,
Маш уругу ураны.
Кызыл конок, арпасы,
Жыланач арпа кемчил бейм,
Магзымы, жармасы
Кыйын бышар тамеки
Ысык болот артыкча,
Чүй боюнун жакасы.
Көрсөң калың сулууну,
Арбын экен оруста,
Күнгө багар уругу.
Айдап алып көк нарды,
Апийимин көп алды,
Капустасын бышырып,
Бое казып чыгарды.
Кең Чүй ата жаныбар,
Келиштирип суйлөсөм,
Керектүүнүн баары бар.

Таш быпырган ташы бар,
Акиташтын уусу бар,
Кен орногон тоосу бар,
Керек десең жошо бар.
Көктөмөси көгөрөр
Көрөр болсөң жарандар,
Күзге маал болгондо,
Берекеси көбөйөр.
Бышыкчылык кезинде,
Жер жемиштин баарысы,
Жер үстүнө чыкканда
Саратаны чакырып,
Сары тамыз учканда,
Зыркыраган сайгаты,
Чымын менен чиркейи,
Үйгө толуп жыкылдап,
Бегенеги бүргеси, — 100
Мийзам болуп учканы.
Бетиңизге оролор,
Жергемүштүн желеси.
Кең Чүй ата жакасы,
Чардап жатканбакасы.
Ийнелиги, көргөөнү,
Кенен экен өзгөчө,
Кылкылдаган өзөнү.
Кара сууд а кундузу,
Тоосундагы андары,
Кызыл карсак түлкүсү.

Арбын болот карышкыр,
Аюу, каман, илбирси.
Шумендеген чөөлери,
Тай сүлөсүн суусары,
Аска зоода секирсе,
Тайгылбаран кубаары,
Ач күсөнү, тейини,
Арбын болор бөкөнү.
Кашкулагы, мадылы,
Карап турса аңкыштап,
Суурунун арбыны.
Кең Чүй ата жаныбар,
Кенен экен өрөөнү.
Абайласаң жеринде,
Ар жаныбар уругу.
Аска зоодан алынган,
Суусунун тунугу.
Тандап атып алгыдай,
Далаасында элиги.
Бугу марал мындан көп,
Жер жайнаган кийиги.
Булу жүз сом мүйүзү,
Бугусунун башында.
Эчки теке жайылар,
Тайгаланбай ташына.
Аркар менен кулжасы,
Атып алса күзүндө,

Айдукундай жамбашы.
Коендору козудай,
Аңдасаңыз абайлап,
Коондору сокудай.
Байкап турса суусунда,
Балыктары манектей.
Заарканат көргөндө,
Сар жылаңы билектей.
Карап турсан түгөнгүр,
Кара курту көмүрдөй.
Курт кумурска чараг бей,
Көпчүлүгү эсепсиз,
Тилингени билинбей..
Сары жылан, чаяны,
Анча арбын болсо да,
Адамга жок зыяны.
Түктүү сары жону бар,
Музоо баштын раңы,
Кескелдирик дагы бар,
Узундыгы бир карыш,
Бу да сонун жаны бар.
Ар жаныбар уругу,
Чүйдө болот турбайбы.
Айканым дынбаары чын,
Жалган кепти кылбайлы.
Молдо Кылыч бечера,
Көрбегенин сурады.
Кудуретин куп билем,

Кең Чүй ата жаныбар,
Кең кесире жер экен.
Абайласаң жеринде,
Ар жаныбар молу бар.
Ызгырылып сайраган,
Чечиртканин үнү бар.
Тикенектей сайылган,
Жер кирпинин үгү бар.
Кирпичечен өзү бар,
Шибегедей шиши бар,
Арчыңканын карасаң,
Иттикиндей тиши бар.
Карап турса капкара,
Коңуздары муштумдай,
Сар жыландын чоңдугу,
Жаш баланы жуткандай.
Чегиртkеси сакадай,
Көпөлөктүн чоңдугу,
Көйнөгүнө салдырган,
Кадим алка жакадай.
Жөөлжаны, сүлүгү,
Жаачы, ала күлүгү,
Отко түшкен парвана,
Ар жандар бөлөгү,
Жаны курбан алалга,
Ташбакасы далбайып,
Көл бакасын карасаң,
Жан аяктай жалпайып.

Суусундагы суу жылан,
Сонун болот көрсөңиз,
Кара кылдай кыл жылан.
Тиктеп турсаң жигиттер,
Сонун эле жер экен,
Ушулардын баарысы,
Айтканымдай эп экен.
Канаттууда аяктуу,
Карап турсаң акыры,
Илбесини көп экен,
Каркырасы, тоодагы,
Каркырасы, тоодагы,
Көктөмдө көрөсүң,
Чуркураган турнаны.
Каркылдаган каздары,
Өрдөк менен сонору,
Кара суу быкылдап,
Учуп, конуп жатканы.
Кызыл короз бозтеги,
Каракунуз, бир казан
Сууну бойлой кечкени.
Дарылдаган тартары,
Мойну кулач көк кытан,
Суудан балык алганы.
Ак чардагы чулдугу,
Калың болор ченемсиз
Кара карга уругу.

Тоосундагы улары,
Арбын болор кекилик,
Айры куйрук кулалы,
Башы кызыл каракур,
Билем десең жигиттер,
Бир түрлүү жан мына бул.
Чыргыттаган чили бар,
Көгүчкөндүн көптүгү,
Сары Чүйдин ичинде
Бедененүн кени бар.
Белгилүү куш безбелдек,
Калың экен жеринде.
Кара сууда кашкалдак.
Көк каргасы, кукугу,
Көрсөң көзү кыпкызыл,
Бабырганы, укуну,
Жазгы келген доору,
Канаттуунун улкөну,
Кара бүркүт жорүну,
Ала кара кузгуну,
Кызыл тумшук сагызган,
Кыжылдаган тукуму.
Тазкарасы, аксары,
Түн ичинде сайраган,
Алагүүсү? итагы,
Жорго тоодак, бактеги,
Ар бир урук жаныбар,

Илбесиндин көптүгү.
Канаттуунун кыраны
Толуп жатат тоосунда
Тунжур, кумпай, куйкөсү
Туйгун менен тынары
Турумтайы мыкыйы,
Ителгиде ылачын,
Жагалмайы, кыргыйы,
Чүйлү менен кушу бар,
Кыябына келтирип,
Кыран болор шуңкары.
Аңыр менен кара каз,
Сазга конгон ызгычы,
Орок тумшук кажыры,
Издегенде табасың,
Ар жандардан баарыны.
Суу бойлогон суу бүркүт,
Тармалжындын ичинде,
Аты кара чакылдак.
Кулалыдай өрүгөн,
Базардагы канаттуу,
Басып жүргөн аяктуу,
Кызыл-жашыл кубулган,
Тоту куштун күнү бар.
Эчкиге сарт сатсам деп,
Бир чымчыктын үнү бар.
Америкендин тоогу,
Ала чаар түгү бар.
Агалалуу көк кептер,

Көкүчкөндөй топтошуп,
Асманга учуп дүркүрөп,
Бакма өрдөк казы бар.
Күрп деген бир башка,
Кара боор кыл куйрук,
Далай куштун учкулу.
Канча түрдүү чымчыктар,
Чүйдө калың тукуму.
Чабиекей, куркулдай,
Ныык болот түрбайбы,
Кары гачы, боз торгой,
Аят айтып сайраган,
Куркулдайдын уясы,
Уяндыгы абыдан,
Тепме чепкен бизы.
Бакта булбул сайрашып,
Андасаңыз жаныбар,
Аргэн сандык авазы.
Чакчыгайы чакылдап,
Ала дуңга, чыйпылдак,
Эчки маарак бакылдак,
Сай сагызган шакылдак, — 100 .
Илип алат майкөтү,
Куш кенеси таканак.
Кең Чүй ата жаныбар,
Карача торгой жарганат.
Боз таркылдак, королу,
Бурма моюн дагы бар.

Котурапей тарагы,
Адам атынтаппаган,
Канча-кача чымчыктар,
"Әжеке бээ саа" дегени,
Чымчык уну угулар.

Ала борбаш, көкшалкы,
Арбын экен көбүнчө,
Кара чымчык сарайзыр,
Кызыл куйрук сар барпы.
Ала чырчык асылы,
Чекирткенин душманы.
Сопол кара сүйретки,
Суудан балык алганы.

Жылкы жандап жүрүүчү,
Көк жылкычы кучкачы,
Калың болот кара каш,
Әр сынардынжолдошу,
Кең чүй ата жарыктык,
Чындап жакшы болгондо,
Чын куранда көктөму,
Кыштын күнү жакасы,
Тизе бою кар болуп,
Кыйын болот суугу.
Зампарлаган туманы,
Үч ай-төрт ай кышы бар,
Кары кетип калган соң,
Алысындап чөк чыгар.

Кектөмөгө бара бар,
Башкы жагын карасаң,
Кичи Кемин, Чоң Кемин,
Кең Кочкордун суусу,
Капчыгайдан кошулуп,
Темен карай киргени.
Эки Кемин далаасы,
Эр Шабдандын ерүнү.
Беркташ ата учугу,
Текеликтин сеңири.
Күлдү казак жердеген,
Күңгөй жакы жерине.
Карабалта куйганы,
Аяк жак жери ушул,
Тескей жан тарабы,
Тамам кыргыз ураяны.
Билер болсоң мына ушул,
Томок, Бишкек калааны.
Тамам.

57